# Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы

**2017-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет**

**Б И Ш К Е К - 2018**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2018-жылдын 1-мартындагы №10-2/31 буйрук.

**Аудит объекттери:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын ведомстволук бөлүмдөрү, Борбордук казыналык, Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик, Баалуу металлдар департаменти, Мамлекеттик сатып алуулар департаменти, Окуу борбору.

**Аудиттин максаты:** Республикалык бюджеттин аткарылышына аудит.

**Аудит мезгили:** 01.01.2017-жылдан тартып 31.12.2017-жылга чейин.

**Мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун аткарылышы**

2015-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Эсептөө палатасынын жазма буйругунун 17 пунктунун ичинен 10 пункт аткарылган, 6 пункт жарым-жартылай аткарылган, 1 пункт аткарылган эмес.

Бюджетке калыбына келтирилүүгө тиешелүү 132034,1 миң сом суммасынын ичинен 78996,2 миң сом калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 53037,9 миң сомду түзгөн.

2016-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Эсептөө палатасынын жазма буйругунун 21 пунктунун ичинен 12 пункт аткарылган, 8 пункт жарым-жартылай аткарылган, 1 пункт боюнча маалымат берилген эмес.

Бюджетке калыбына келтирилүүгө тиешелүү 10196,2 миң сом суммасынын ичинен 3818,2 миң сом калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 6378,0 миң сомду түзгөн.

Эсептөө палатасынын жазма буйругунун 23 пунктунун ичинен 7 пункт аткарылган, 4 пункт жарым-жартылай аткарылган, 4 пункт аткаруу баскычында жана 8 пункт боюнча каршы пикирлер берилген.

**Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын (мындан ары - ТӨУС) негизги сандык параметрлерининин сакталашын жана Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык тенденцияларын талдоо**

2017-жылы ИДПнын номиналдык көлөмү 520,9 млрд.сом көлөмүндө түзүлгөн, же ТӨУСтагы күтүлгөн деңгээлден артта калуу менен 17,3 % (109,0 млрд. сом). Калктын жан башына ИДП 87,7 миң сомду же 1272,5 АКШ долларын түзгөн. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин отчеттук маалыматтары (мындан ары – Финмин жана КР Финансы министрлиги) боюнча ИДПга карата бюджеттин тартыштыгы 3,1 %ды түзгөн, 5,6 %га ТӨУСтун максаттуу багытына жакындаган, мамлекеттик тышкы карыз – 54,4 %.

2016-жылдагы деңгээлден ИДПнын реалдуу өсүү темпи 4,6 %ды түзгөн, бул болсо, максаттуу багыттан 1,1 пайыздык пунктка жогору.

Керектөө бааларынын индекси, максаттуу маанини 0,2 пайыздык пунктка ашыруу менен, 3,7 %ды түзгөн. ИДПнын дефлятору 4,6 % деңгээлинде түзүлгөн, же максаттуу мааниден 0,3 пайыздык пунктка жогору.

Социалдык көрсөткүчтөр боюнча максаттуу багыттарга жетишилген жок: жакырчылыктын деңгээлин 0,2 %га төмөндөтүү, орточо номиналдык эмгек акы 112,2 сом, эсептик эң төмөнкү тиричилик каражаты 61,3 сом сыяктуулар.

2017-жылы ИДПга карата мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы, 2016-жылга салыштырмалуу 1,2 %га төмөндөгөн жана 3,2 % пайыз деңгээлинде түзүлгөн.

ИДПга карата тартыштык деңгээлинин 1,2 %га төмөндөгөнүнө карабастан, анын өсүү темпи, 13,2 %ды түзгөн мамлекеттик карыздын өсүү темпине карата төмөн бойдон калууда.

*Эл аралык валюта фонду менен макулдашылган каалоолорду ишке ашыруу жөнүндө*

Багытталган максаттуу багыттарды (мындан ары – БМБ) жана сандык критерийлерди ишке ашырууну аткаруунун жүрүшү жөнүндө отчетко ылайык, 2017-жылдын аягында “Салыктарды жыйноонун минималдуу деңгээли” позициясы аткарылбай калган. Түзүмдүк-контролдоо көрсөткүчтөрү боюнча 3 позиция аткарылган эмес.

Алсак, 2017-жылы БМБ боюнча салык планы 2734,0 млн. сомго аткарылган эмес.

ЕАЭБ өлкөлөрү менен алкоголдук жана тамеки продукцияларына карата акциздик салыктын коюму шайкеш келтирилген эмес; өлкө ичинде өндүрүлгөн товарлар үчүн эсепке алуу – контролдоо маркалары киргизилген эмес; кыймылсыз мүлк объекттерине карата салыштырмалуу ашыкча байлыктарга салык киргизүү жөнүндө Жогорку Кеңешке сунуш киргизилген эмес.

Ошону менен бирге, салык саясаты жана салыкты администрлөө боюнча иш-чаралардын аткарылбагандыгы, 2017-жылы бюджетке кошумча 1376,8 млн. сомдун келип түшүүсүн камсыздоого мүмкүнчүлүк берген эмес.

*Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясынын багыттарынын аткарылышын баалоо*[1]

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен каралган, республикалык бюджетти, Социалдык фонддун бюджетин, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетин жана жергиликтүү бюджеттерди камтыган республиканын бюджеттик тутумунун түзүмү ишке киргизилген эмес. 2017-жылы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетин өз алдынча түзүү жана аткаруу камсыздалган эмес.

[1] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 12.05.2016-жылдагы №505-VI токтому менен бекитилген.

Социалдык фонддун бюджетинин ресурстарын администрлөө, Казыналыктын тутумунан сырткары улантылууда.

Төмөндөгүлөр боюнча тиешелүү органдар тарабынан Бюджеттик резолюциянын багыттары ишке ашырылган эмес:

- алардын ачыктыгын сактоо менен, мамлекеттик пенсиялык жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында бюджеттик саясатты оптималдоо эсебинен, социалдык кызматтарды көрсөтүү тутумун жакшыртуу бөлүгүндөгү социалдык чөйрө;
- билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүн каржылоодо кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын жана жеке сектордун, мамлекеттин жоопкерчилигин бөлүштүрүү чөйрөсү;
- орто/узак мөөнөттүү мезгилге карата регионалдык финансылык-экономикалык болжолдоо методологиясын иштеп чыгуу жана финансылык ресурстарды өз алдынча башкаруу укуктарын кеңейтүү менен, жергиликтүү бюджеттерди финансылык децентрализациялоо;
- мамлекеттик карызды башкаруу тутумун жакшыртуу, анын деңгээлин кыскартуу жана ички статистикалык отчёттор менен анын өлчөмүнүн туура келбестиги жана тышкы карызды ишенимдүү эсепке алуунун жоктугуна байланыштуу, мамлекеттик карыздын абалын контролдоо.

Инвестициялык долбоорлорду натыйжалуу ишке ашырууну баалоону эске алуу менен, биринчи кезекте мурда башталган ички инвестициялык долбоорлорду аягына чыгаруу боюнча бюджеттик инвестицияларды багыттоо бөлүгүндө, бюджеттик саясатты күчөтүү багытына каршы 3902,6 млн. сомго 134 жаңы объекти ишке киргизилген.

600,0 млн.сомдон жогору суммадагы "Центерра Голд Инк" алтын казуучу компаниянын акцияларынын мамлекеттик пакетинен дивиденддердин болжолдуу келип түшүүсү, бюджеттин кирешесине түшкөн эмес.

**Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчеттун түзүмү тууралуу**

2017-жылга республикалык бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчет, Эсепке алуу жана отчет берүү боюнча бюджетти болжолдоого жана аткарууга карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол-жоболору жөнүндө Нускамага[2] ылайык түзүлгөн.

2017-жылга республикалык бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчётто Бюджеттик кодекстин 116-беренеси менен каралган маалыматтар жок:

- мамлекеттик бюджеттик резервдин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын жана Премьер-министринин резервдик фонддорун пайдалануу жөнүндө;

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-авнусундагы № 488 токтому менен бекитилген

- бюджеттик мекемелердин насыялык жана дебитордук карыздарынын абалы жөнүндө;
- республикалык бюджетти аткаруу боюнча объективдүү жана субъективдүү четтөөлөр жөнүндө.

Мында, “Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына карата 2-тиркемеге ылайык, Кыргыз Республикасынын топтолгон бюджетин болжолдоо, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети боюнча кирешелер жана чыгымдарынын болжолдуу параметрлерин камтыйт.

Буга байланыштуу, мамлекеттик башкаруу секторунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту түзүү керек эле.

*Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчеттун маалыматтарынын тууралыгын жана мамлекеттик бюджет боюнча Башкы китептин балансынын жыйынтыкталган отчетун талдоо*

Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко киргизилген, Мамлекеттик инвестициялардын программасы боюнча акча каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы, Мамлекеттик инвестициялардын программасы боюнча жүргүзүлгөн операцияларды тейлөө үчүн, алыш-бериш эсептери ачылган коммерциялык банктар менен салыштыруу актылар аркылуу тастыкталган эмес. Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун маалыматтарынын жана Башкы китептин жыйынтыкталган балансынын ортосунда төмөндөгүлөр боюнча четтөөлөр бар:

- “Кирешелер” 26133,2 млн.сомго, анын ичинен 5666,6 млн.сом - Мамлекеттик инвестициялардын программасы боюнча гранттар жана тиешелүү коммерциялык банктарда ачылган алыш-бериш эсептерине келип түшкөн активдер жана милдеттемелер боюнча - 20466,6 млн.сом
- тиешелүү коммерциялык банктарда ачылган алыш-бериш эсептеринен жүзөгө ашырылган, Мамлекеттик инвестициялардын программасы боюнча чыгымдар болуп эсептелген, “Финансылык активдерге салуу менен байланыштуу акча каражаттарынын агымдары” жана “Каржылоо операциялары менен байланыштуу акча каражаттарынын агымдары” 27889,4 млн.сомго.

**Республикалык бюджеттин негизги параметрлеринин аткарылышы**

2017-жылга республикалык бюджет кирешелер боюнча 139,9 млрд. сом, чыгымдар - 161,3 млрд. сом суммасында жана тартыштыктын 21,4 млрд.сом[3] чектелген өлчөмүндө түзүлгөн.

[3] “Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

Кирешелер боюнча 134,7 млрд. сом же 96,3% жана чыгымдар боюнча 152,1 млрд. сом суммасында же 94,3 % аткарылган.

2017-жылга республикалык бюджеттин тартыштыгынын чектелген өлчөмү 17,4 млрд. сом суммасында түзүлгөн, же болжолдоодон 4,0 млрд.сомго төмөн.

Бюджеттин тартыштыгын жабуу булактары 21,6 млрд. сомго түзүлгөн, анын ичинен, тышкы каржылоо каражаттары - 17,6 млрд. сом жана ички каржылоо - 4,0 млрд. сом.

Мында, ички каржылоо курамында төмөндөгүлөр пайдаланылган:

- баалуу кагаздарды чыгаруу – 7,4 млрд. сом;

- насыялар, ссудалар жана зайымдар (-) 8,2 млрд. сом;

- жыл башындагы акча каражаттарынын калдыгы - 4,7 млрд. сом, анын ичинен атайын каражаттар - 3,0 млрд. сом.

Ошол эле учурда, бюджеттин кирешелеринде 1276,4 млн. сом көрсөтүлгөн эмес, анын ичинен:

- техникалык жардамды эсепке алуу методикасынын жоктугуна байланыштуу, 2035,0 млн. АКШ доллары (140,1 млн. сом) суммасында келип түшкөн финансылык жардам;

- КИКБдан кайтарылып, КРУБдун топтоо эсебине топтолгон каражаттар - 4,7 млн.евро (387,7 млн. сом);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен «Центерра Голд Инк» компаниясы ортосунда кол коюлган, Курчап турган чөйрөнү коргоо жана инвестицияларды өнүктүрүү боюнча стратегиялык макулдашуунун алкагында, “Онкологиялык кызматты колдоо фонду” коомдук фондуна келип түшкөн 7,0 млн. АКШ доллары (481,6 млн. сом);

- максаттуу банктык мөөнөттүү депозитке жайгаштыруудан пайыздар - 6,5 млн. сом;

- мамлекеттик органдарга, алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана ведомстволук мекемелерге көрсөтүүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестрине (тизмесине) киргизилбеген бюджеттик мекемелердин, 77,5 млн. сом калдык менен жабылбаган атайын эсептери;

- бир катар объекттердин оңдоо-курулуш иштерин аяктоо үчүн, КР Мамкурулушуна финансылык колдоо көрсөтүү боюнча социалдык коргоо жана колдоого Президенттик фонддон бөлүнгөн 183,0 млн. сом.

2232,8 млн. сом жана 1,5 миң россия рублиндеги каражаттар ЕКСке чегерилген эмес, анын ичинен:

- 01.01.2018-жылга карата коммерциялык банктардын эсептериндеги калдыктарында, 2017-жылга мамлекеттик балансга көрсөтүлгөн, Казыналыктын тутумунан сырткары турган 9,7 млн. АКШ доллары (667,4 млн.сом) жана1,5 миң россия рубли;
- ЕКСтен сырткары ачылган долбоорлордун эсептериндеги өздөштүрүлбөгөн 1541,4 млн. сом, ошондой эле алардын пайыздык эсептериндеги 24,0 млн. сом.

Мүлк нарыкынын өзгөрүүсүнө, ошондой эле күрөөлүк камсыздоонун жоктугуна, 7 субьект боюнча күрөөлүк мүлктүн наркы карыз суммасынан

төмөн болгондугуна байланыштуу, республикалык бюджеттин мүмкүн болуучу жоготуусу 2613,1 млн. сомду түзөт.

Карыз милдеттемелерин жоюу боюнча бюджеттин киреше бөлүгүнө жеткире түшпөгөн каражаттар боюнча, энергетикалык компанияларды реструктуризациялоо, бюджеттин чыгымдар бөлүгүн тарттырууга алып келет, анткени, насыялык макулдашуулар боюнча милдеттемелерге ылайык, графиктер боюнча төлөмдөрдү төлөө жүргүзүлөт.

2017-жылдын аягындагы өздөштүрүлбөгөн каражаттардын 856,0 млн. сом калдыгы менен, бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнүн (мындан ары - БКБТ) толук эмес өтүнмөлөрүнүн натыйжасында, корголгон беренелер боюнча 992,5 млн. сомго чыгымдардын аткарылбашына жол берилген. Мүмкүн болуучу себептер болуп, пландуу талап кылынган бюджеттик бөлүнгөн акча каражаттарын жогорулатуу, жыл аягында каржылоо, мамлекеттик сатып алуулар жол-жобосун өз убагында өткөрбөө, капиталдык салымдарды өздөштүрүү боюнча келишим шарттарынын аткарылышын талаптагыдай контролдобоо жана башка факторлор эсептелет.

131,0 млн. сом суммасындагы насыялык карыздардын пайда болушуна жана коммуналдык чыгымдар боюнча чыгымдар толук каржыланбагандыгына байланыштуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан, “Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 3-пункту бузулган.

Евро биримдик менен милдеттенмелерди (грант “Секторду реформалоо боюнча контракт: Кыргыз Республикасындагы социалды коргоо”); АӨБ (грант “Билим берүү секторун колдоо”); Дүйнөлүк банк (“Өнүгүү саясатын колдоодогу операциялар ӨСКР”) сапатсыз аткаруудан улам, 2188,2 млн.сомго программалык жардам жеткире түшкөн эмес.

Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору 19,1 млн. сомду түзгөн, алыш-бериш эсептериндеги калдык – 60,0 млн. сом, же бүтүндөй 79,1 млн. сом (*аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген),* (тиркемени караңыз).

“Эмгек акы долбоорлору” төлөм карталарына ( мугалимдердин, аскер кызматчыларынын, айрым мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин) толук которуу, командировкалык чыгымдарга, отчет берүүчү суммаларга төлөө, турак жайды жалдоону жана тамак-аш паегун алмаштыруу компенсацияларынын эсебинен акча каражаттарын акчалай берүү боюнча бюджеттин чыгымдарын кыскартуу мүмкүнчүлүгү аныкталган.

2017-жылдын башында милдеттүү бюджеттик резервдин (жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча) көлөмү 1707,0 млн. сомду түзгөн, же бир айлык эмгек акы төлөө фондунун көлөмү (3074,1 млн.сом) Бюджеттик кодекстин 110-беренесинин 3-пунктуна ылайык, талап кылынган керектөөдөн 1,8 эсеге аз. Ошол эле учурда, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча көлөмү (150,0 млн. сом) 20 эсеге азайтылып, “Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен азайтылып

бекитилгендигине байланыштуу, факты жүзүндө 11,4 эсеге ашыруу орун алган.

Республикалык бюджетти түзүү жана бекитүү процесси, мурунку жылдардагы базалык көрсөткүчтөрдүн негизинде эсептелген контролдук цифраларга ылайык ишке ашыруу улантылууда. Программалык бюджеттер түзүлгөнү менен, факты жүзүндө аткарылбайт, бул болсо, бюджеттик каражаттарды тескөө сапатына таасирин тийгизет.

Натыйжалуулук индикаторлоруна жетүү боюнча бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоо жүргүзүлбөйт. Конкреттүү программаларга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар менен алар боюнча натыйжаларга жетишүү ортосунда өз ара байланыш жок.

Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техникалар департаментин республикалык бюджеттен каржылоого өткөрүү бөлүгүндө, Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 5-пунктчасы аткарылган эмес.

*Республикалык бюджеттин кассалык чыгымдарынын аткарылышы*

Жыл ичинде Бирдиктүү казыналык эсепте (БКЭ) каржаттардын жетишсиз суммасы алдында, насыялоону бөлүштүрүүчүлөр тарабынан кассалык чыгымдарды жүргүзүү санкцияланган, анын натыйжасында, 2017-жылдын август-сентябрь ичинде 904,0 млн. сомдон 1722,3 млн. сомго чейин республикалык бюджеттин ресурстук жана чыгымдар бөлүгүнүн ортосунда финансылык айырмага (ресурстардын терс калдыгы) жол берилген.

Мындай мезгилде республикалык бюджеттин чыгымдарынын кассалык аткарылышы, БКЭ (атайын эсептердин каражаттары жана жергиликтүү бюджеттердин ресурстары) боюнча каражаттардын жалпы калдыгынын эсебинен жүргүзүлгөн. Бюджеттик кодекстин 113-беренесинин 2-беренесинин 1.1-пунктчасына ылайык, кезектеги бюджеттик жылдын чегиндеги кирешелердин келип түшүү көлөмүнөн, бюджеттин чыгымдарынын убактылуу ашырылышы менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен Тартиптин негизинде кассалык төлөмдөрдүн көлөмүнө кассалык чектөө киргизилген. Бирок, Өкмөт тарабынан кезектеги бюджеттик жылдын чегиндеги[4] кирешелердин келип түшүү көлөмүнөн, бюджеттин чыгымдарынын убактылуу ашырылышы менен, кассалык чектөөлөрдү киргизүү тартиби белгиленген эмес жана Борбордук казыналык тарабынан, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү Жобосу[5] менен каралган финансылык айырмалар мезгилинде, бюджеттик милдеттемелерди аткаруу боюнча кассалык төлөмдөрдү токтотуу жөнүндө расмий чечим кабыл алынган эмес.

Мында, Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибине[6] ылайык, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерде турган бюджеттик мекемелердин казыналык өздүк эсептери менен, республикалык

---

[4] Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 113-беренеси

[5] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы № 632 токтому менен бекитилген

[6] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.07.2017 -жылдагы №444 токтому менен бекитилген

бөлүштүрүлбөгөн ресурстар боюнча дебеттик (терс) сальдо түзүлгөндө, Бюджеттик кодекстин жогоруда көрсөтүлгөн ченемдер менен көрсөтүлгөн Жобого каршы, бюджет, ошондой эле атайын каражаттар боюнча токтотулбайт.

Кассалык айырмалар пайда болгондо, Борборду казыналык тарабынан так ушул айларга, бир кыйла көлөмдөгү (1,3 млрд.сомдон 3,5 млрд.сомго чейин) кошумча пландар бекитилген, бул болсо, республикалык бюджеттин балансталбаган аткарылышы тобокелдигин түзгөн.

Кассалык планды түзүү процессинде, республикалык бюджеттин ресурстарын туура жана адилеттүү бөлүштүрүү максатында, бирдиктүү формула колдонулат. Факты жүзүндө, жыл ичинде кассалык планды эсептөө, формуланы толук колдонулбастан, б.а. функционалдык иш (корголбогон беренелер) боюнча чыгымдардын салыштырмалуу салмагын эске албастан түзүлгөн. Бул чыгымдар БКБТнын өтүнмөлөрүнүн негизинде каржыланган.

Баштапкы негизги кассалык планга, толук көлөмдө артыкчылыктуу гана чыгымдар (мамлекеттик карызды тейлөө, Социалдык фондго трансферттер жана корголгон чыгымдар) жана жарым-жартылай корголбогон беренелер киргизилгендигин, белгилей кетүү керек.

2017-жылы республикалык бюджеттин такталган чыгымдарына салыштырмалуу кассалык планды түзүүнү талдоо, такталган бюджеттен (такталган бюджеттен тиешелүү түрдө 99,6 %, 98,5 % жана 97,6 %) аз көлөмдө БКБТ керектөөлөрүн абдан толук канааттандыруу үчүн, финансылык мүмкүнчүлүктөрдүн болушу менен, аудиттелген мезгилдин биринчи үч кварталында кассалык пландын бекитилгендиги жөнүндө күбөлөндүрөт. Негизги каржылоо жылдын 4-кварталында жүргүзүлгөн (103,5 %). Мында 1-3-квартал ичинде, БКБТ керектөөлөрүн абдан толук канааттандыруу үчүн, финансылык мүмкүнчүлүктөр болгон, б.а. болжолдоодон (июль, август, октябрь жана декабрдан сырткары) жогору ресурстар келип түшкөн. Бул айларда БКЭ калдыктары, такталган бюджеттин деңгээлинде каржылоону жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген.

Кассалык пландын түзүлүшү жана аткарылышы жана чыгымдардын корголбогон беренелерин жыл аягында каржылоонун түзүлгөн практикасы, көпчүлүк учурда бюджеттик уюмдар тарабынан бөлүнгөн акчалардын өздөштүрүлбөй калышына, дебитордук карыздын жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык калдыктарынын, ошондой эле алыш-бериш эсептериндеги каражаттардын пайда болушуна алып келет.

Айрым чыгымдарды камтыган, ар бир айдын аягында такталган кассалык чыгымдарды түзүү жана бекитүү, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдери, Финансы министрлигинин тапшырмалары жана корголбогон беренелер боюнча кассалык планды ачуу боюнча министрликтер менен ведомстволордун кайрылуулары боюнча жүргүзүлгөн.

Борбордук казыналык тарабынан 2017-жылга кассалык план, адегенде 110903,9 млн.сомго бекитилген, бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө БКТБга чейин 33607,5 млн.сом же 144511,4 млн.сом кошумча киргизилген.

Кошумча кассалык пландын ай сайынкы көлөмү, негизги кассалык пландын көлөмүнөн 5,1%дан (январдагы) 69,2 %га (декабрдагы) чейин түзгөн.

Борбордук казыналыктын отчеттук маалыматтарына ылайык:

140656,6 млн. сомго кассалык чыгымдары аткаруу БКБТ тарабынан кабыл алынган жана бекитилген, бул болсо, бекитилген кассалык пландан 3854,8 млн. сомго аз;

- республикалык бюджеттин кассалык аткарылышы 139800,4 млн. сомду түзгөн (бекитилген кассалык пландан 99,4 %);
- аткарылбаган кассалык пландын калдыгы 856,2 млн. сомду түзгөн (бекитилген кассалык пландан 0,6 %).

2017-жылдын 12 айына карата кассалык план бир кыйла өлчөмдө төмөндөгү беренелер боюнча аткарылган эмес: 3111 «Имараттар жана курулмалар» - 300,9 млн. сомго (аткарылбаган кассалык пландын жалпы калдыгынан 35,1 %), «Эмгек акы» жана «Социалдык фондго чегерүүлөр» - 204,5 млн. сом (23,9 %), «Машиналар жана жабдуулар» - 74,3 млн. сом (8,7 %), «Жана башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу» - 38,7 млн. сом (4,5 %), «Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү беренелер берилген чыгымдар» - 30,3 млн. сом (3,5 %), «Стратегиялык корлор» - 23,6 млн. сом (2,8 %).

Эмгек акы жана Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча бюджеттик каражаттардын өздөштүрүлбөй калган себептеринин бири болуп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы № 849 жана 850 токтомдорунун кабыл алынышы эсептелиши мүмкүн, алардын негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын мартындагы № 131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген, ага ылайык, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери тарабынан жыл ичинде үнөмдөлгөн эмгек акы фондусунун каражаттарын, кызматчынын ишин баалоону эске алуу менен, эмгегинин жогорку жана сапаттуу жыйынтыктары, кесиптик жана чыгармачылык демилге көрсөткөндүгү үчүн, мамлекеттик жарандык кызматчыларга жана муниципалдык кызматчыларга дем берүүчү төлөмдөргө багыттоо укуктары алынган.

Мындан сырткары, КР ТИМдин чет өлкөлөрдөгү мекемелери боюнча эмгек акы боюнча бөлүнгөн 82,9 млн. сом өздөштүрүлбөгөн каражаттар, негизинен, АКШ долларынын болжолдонгон орточо жылдык алмашуу курсунун кабыл алынышына салыштырмалуу, факты жүзүндө түзүлгөн доллар курсунун эсебинен пайда болгон.

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептөөлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны[7] аткаруу менен, Борбордук казыналык тарабынан накталай эсептешүүлөр боюнча бюджеттин каражаттарын чыгымдоону азайтуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

[7] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 14.05.2012-жылдагы №289 токтому менен бекитилген

Накталай эсептешүү (республикалык жана жергиликтүү бюджет)боюнча бюджеттин каражаттарын чыгымдар динамикасын талдоодо, алардын көлөмүнүн төмөндөөсү байкалууда.

Алсак, Борбордук казыналыктын маалыматтары боюнча 2017-жылы накталай эсептешүүлөр боюнча бюджеттик каражаттарды чыгымдоо көлөмү, 2015-жылдагы 13403,1 млн.сомго жана 2016-жылдагы 8506,2 млн.сомго каршы 5518,6 млн.сомду түзгөн.

Республика боюнча банкоматтардын кеңири тармагынын болушу менен, командировкалык чыгымдар жана отчет берүүчү суммалар боюнча эсептөөлөрдү жүргүзүү боюнча "Эмгек акы долбоорлору" төлөм карталарына (мугалимдердин, аскер кызматчыларынын, айрым мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин) толук өтпөгөндүк байкалууда.

Ошондой эле, "Эмгек акы долбоорлору" төлөм карталары аркылуу бюджеттик каражаттарды чыгымдоону бир катар беренелер боюнча жүргүзүү максатка ылайыктуу болмок.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы жана айрым күч түзүмдөрү тарабынан, тамак-аш паегунун, эмгек өргүү өткөрүү жерине чейин баруу-келүү жол киреси, турак-жайды жалдоо чыгымдарын компенсациялоо ордуна акчалай компенсация накталай төлөө менен берилет. Көрсөтүлгөн төлөмдөрдү накталай берүү, алуучуларга (КММ, коштоо, күзөт ж.б.) чейин жеткирүү боюнча чыгымдарды талап кылат, мында, алуучуларга чейин жеткирүү жана алуу жана сактоодо алардын сакталышын камсыздоо боюнча тобокелдиктер бар.

Мындан сырткары, "Эмгек акы долбоорлору" төлөм карталары аркылуу бир катар чыгымдар беренелери боюнча эсептешүүлөргө абдан кеңири өтүү, БКА (бюджеттик каражаттарды алуучулар) карталары аркылуу акча каражаттарын накталай берүү боюнча коммерциялык банктар тарабынан кызмат көрсөтүү жана БКА карталарын тейлөө боюнча чыгымдарды кыскартууга мүмкүнчүлүк берет, ал 2017-жылы бүтүндөй 16,9 млн. сомду түзгөн.

Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын Бирдиктүү реестрине (тизмесине) киргизилбеген, бюджеттик мекемелердин[8] атайын эсептери жабылган эмес (мындан ары – Бирдиктүү реестр).

Алсак, айрым мекемелердин атайын эсептерине 2017-жыл ичинде жана 2018-жылы кирешелер келип түшкөн, республикалык бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон алардын калдыктары аудит учурунда 77,5 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, Сот департаменти боюнча – 1848,7 миң сом *(аудит учурунда кийинки келип түшүүлөрдү эсепке алуу менен, республикалык бюджетке 77,3 млн.сом чегерилди).*

Сот департаменти боюнча чегерилбеген сумманын калдыгы 1848,7 миң сомду түзгөн.

[8] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2012-жылдагы №85 токтому менен бекитилген

*КРУБдагы Өкмөттүн эсептеринен каражаттарды коммерциялык банктардагы мөөнөттүү максаттуу депозитке жайгаштыруу*

2017-жылдын 31-декабрына карата KfW программасы боюнча КРУБдагы КР ФМ Борбордук казыналыгынын эсептериндеги каражаттардын калдыгы төмөндөгүлөрдү түзгөн:

- "Турак жайды каржылоо" - 67424,4 млн. сом (насыялык тилке),
- "Айыл жергелеринде системаларды өнүктүрүү" (I фаза жана II фаза) - 361935,4 миң сом (грант).

КРУБдагы топтолгон эсепке кайтарылган каражаттарды жайгаштыруу үчүн негиз болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:

- KfW менен Финмин ортосунда 17.05.2011-жылы түзүлгөн насыя жана финансылык жардам берүү жөнүндө "Турак жай курулушу үчүн насыялык тилке" келишими;
- "Айыл жергелеринде системаларды өнүктүрүү" (I фаза жана II фаза) программасын каржылоо жөнүндө келишимге карата өзгөчө макулдашуу.

Кыргыз Республикасында KfW программалары боюнча кайтарылган каражаттарды револьвирлөө (кайтарылган суммаларды кайрадан пайдалануу) механизмин түзүү жөнүндө, Германиялык KfW өнүгүү банкы менен Финмин ортосундагы Өзгөчө макулдашууга карата Толуктоонун негизинде, KfW насыялары боюнча кайтарылган каражаттарды револьвирлөө механизмин түзүү үчүн, "Турак жай курулушу үчүн насыялык тилке" жана "Айыл жергелеринде системаларды өнүктүрүү" KfW программалары боюнча эсептерге келип түшкөн, кайтарылган каражаттарды пайдалануу жөнүндө 29.03.2016-жылы чечим кабыл алынган.

2016-жыл ичинде Финмин тарабынан, Германиялык KfW өнүгүү банкынын насыялары жана гранттары боюнча ачылган, КРУБдагы КР ФМ Борбордук казыналыгынын топтолгон эсептеринен, ачык өткөрүлгөн аукциондордун негизинде, коммерциялык банктарга (БТА, Компаньон, Кыргызстан) максаттуу мөөнөттүү депозиттерге, бизнести өнүктүрүү максаты үчүн, айыл жергелериндеги микро, кичи жана орто ишканалар, кооперативдер жана жеке ишкерлер үчүн, улуттук валютада насыялардын андан ары берүү үчүн, 216,8 млн. сом жайгаштырылган.

Көрсөтүлгөн коммерциялык банктар менен түзүлгөн келишим шарттарына ылайык, максаттуу мөөнөттүү банктык депозитке жайгаштыруу мөөнөтү, жылдык 9% коюм менен, депозит суммасына пайыздарды кошуп эсептөө менен 36 айды түзөт. Аларды максаттуу мөөнөттүү банктык депозитке жайгаштыруу үчүн, КРУБдагы Финминдин эсептеринен каражаттар, 20.09.2016-жылы тандалган коммерциялык банктардын эсептерине которулган. 2017-жылы топтолгон эсептерден каражаттарды жайгаштыруу жүргүзүлгөн эмес.

31.12.2017-жылга карата үч комерциялык банк боюнча, каражаттардын кошуп эсептелген пайыздарынын суммасы 19,5 млн. сомду түзгөн, алар KfW насыялары жана гранттары боюнча каражаттарды кайтаруу боюнча тиешелүү эсептерге чегерилген. Мында, Борбордук казыналык тарабынан,

Өзгөчө макулдашууга карата Толуктоодо каралган кошуп эсептелген пайыздар суммасынан 3%ды которуу камсыздалган эмес.

Алсак, 2016-жылдагы 1,8 млн. сом суммасындагы пайыздар, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругу боюнча, 2018-жылдын апрелинде гана республикалык бюджетке чегерилген, 2017-жыл үчүн 6,5 млн.сом чегерилүүгө тийиш.

*Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ачылган Өкмөттүк эсептер*

01.01.2018-жылга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн улуттук валютада кайрадан эсептегенде 2117,1 млн. сомго 44 эсеби бар, аларда узак мөөнөт ичинде айылдык товар өндүрүүчүлөрдү жана кичи жана орто бизнести колдоо үчүн, Кыргыз Республикасынын өнөктөш өлкөлөрүнүн жана эл аралык уюмдардын долбоорлору боюнча максаттуу гранттык жана насыялык каражаттарды кайтаруудан түшкөн каражаттар топтолот.

Мында, "Жеке ишканалар үчүн" ачылган эсепте, бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тиешелүү, 2012-жылдын февралынан тартып 4,7 млн.евро (321,4 млн. сом) суммасындагы, Кыргыз инвестициялык-кредиттик банк үчүн, насыялык тилке боюнча пайыздарды жана негизги карызды төлөө боюнча төлөмдөр негизсиз топтолгон, ал боюнча бул насыялык тилке боюнча насыялык макулдашуунун карыз милдеттемелерине ылайык, 2017-жылдын 31-декабрына карата бюджеттин киреше бөлүгүнөн, карызды төлөө боюнча 91,3 млн. сомго чыгымдар жүргүзүлгөн. 2012-жылдын февралына чейин каражаттардын келип түшүүсү боюнча эсептик маалыматтарды жоктугу белгиленген.

*Казыналыктын тутумунан сырткары ачылган эсептер*

2017-жылга республикалык бюджеттин топтолгон балансынын маалыматтарына ылайык, 01.01.2018-жылга карата коммерциялык банктардагы эсептердеги калдыктар 678,4 млн. сомду түзгөн.

Борбордук казыналыктын уруксаты менен, 2017-жылдын аягында 42,8 млн. сом калдык менен, 12 бюджеттик уюмдар менен мекемелердин Казыналыктын тутумунан сырткары эсептери бар. Борбордук казыналыктын уруксаты жок туруп, "РСК Банк" ААКсында Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын жана Мамлекеттик каттоо кызматынын алдында, Президенттин социалдык колдоо жана коргоо фонду үчүн эсептер (валюталык эсептер) ачылган.

Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) үчүн, МККнын бөлүмдөрү тарабынан администрленген төлөмдөрдү топтоого эсеп ачылган, Казыналыктын жол-жоболоруна ылайык, аларды андан ары колдонуу жана бөлүштүрүү үчүн, Казыналыктын регионалдык бөлүмдөрүндөгү атайын эсепке чегерилүүгө тийиш. Ошону менен бирге, бул эсепке транспорттук каражаттарды каттоо үчүн, чыгым материалдарын жана бланкаларды сатып алууга жарандардан келип түшкөн төлөмдөр түшөт. 26.06.2018-жылга карата эсептеги калдык 1796,5 миң сомду түзгөн, ал Казыналыктын тутумундагы МККнын атайын эсебине чегерилген.

«Кыргызтелеком» ААКсын жана “Чыгыш электр” ААКсын мамлекеттик менчикке менчиктештирүү жөнүндө чечим жокко чыгарлыгандыгына байланыштуу, төлөөчүлөр тарабынан кайтарылбаган кепилдик төгүмдөр жана энергетикалык компаниялардын ишине аудит жүргүзүү боюнча аудитордук компаниялардын кызматтарын тандап алуу боюнча келип түшүүлөр, “Азия Универсал банк – Чүй” ААКФда жайгаштырылган ММБФ эсептеринде 8,9 млн. АКШ доллары бар (612,3 млн. сом). “Азия Универсал банк – Чүй” ААКФ банкрот болуп таанылган жана атайын администрлөө жол-жобосу дайындалган. Буга байланыштуу, ММБФ отчетторунда ушул кезге чейин көрсөтүлгөн сумма, коммерциялык банктардагы валюта катары көрсөтүлгөн.

Башкы прокуратура тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, коммерциялык банктарда 805,5 миң АКШ доллары жана 1,5 миң россия рубли суммасында валюталык каражаттар бар. Финмин тарабынан “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келип түшкөн акча каражаттарын топтоо жана чегерүү үчүн, «Росинбанк-центр» ААКФсында депозиттик валюталык эсепти ачууга уруксат берилген. 01.01.2018-жылга карата «Росинбанк» ААКсындагы Башкы прокуратуранын валюталык депозиттик эсебинде, прокуратуранын токтомдорунун негизинде келип түшкөн 791,6 миң АКШ доллары жана 1,5 миң россия рубли бар.

Эсептик маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын балансында, Башкы прокуратуранын имаратында 2010-жылдын 7-апрелинде болгон өрткө чейин келип түшкөн, банкрот болгон «АКБ Курулуш-Банк» ААКсында 13,8 миң АКШ доллары болгон. Бишкек шаарынын Район аралык сотунун 2016-жылдын 19-июлундагы аныктамасы менен, «АКБ Курулуш-Банк» ААКсынын банкроттук жол-жобосу аяктаган.

Башкы прокуратура депозиттик эсепте турган акча каражаттары боюнча материалдарды жана маалыматтарды изилдеп чыгышы жана мамлекетке келтирилген зыянды калыбына келтирүү катары келип түшкөн каражаттарды, республикалык бюджеттин кирешесине чегерүүнү камсыздашы керек.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесин, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомун бузуу менен, атайын каражаттар боюнча эсептерде, ыктыярдуу жана камкордук көрүү төгүмдөрү, демөөрчүлүк жардам эсепке алынбайт.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети боюнча Башкы китебинин балансынын жыйынтыкталган отчётунда, көп жылдардан бери мыйзамсыз алынган суммалар бар, алар сот органдары тарабынан жалпы 13,9 млн.сом суммасында аныкталган.

*Аныкталбаган суммалардын эсеби*

01.01.2018-жылга карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджети боюнча Башкы китебинин балансынын жыйынтыкталган отчётунда, аныкталбаган суммалар курамында Борбордук казыналык тарабынан жүргүзүлгөн түз операциялар боюнча 27 098,1 миң сом жана Казыналыктын регионалдык бөлүмдөрү тарабынан (-20 121,5 миң сом) жана атайын каражаттар боюнча (-8 437,5 миң сом) суммалар бар.

*КНСти калыбына келтирүү жана кайтаруу*

2017-жылга КНСти кайтаруу боюнча чыгымдар 468,4 млн.сом суммасында бекитилген. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2017-жылдын 19-июнундагы жазуу жүзүндөгү кайрылууларынын негизинде, 2017-жылдын 23-июнундагы маалымкат-билдирүү менен, чыгымдар 1 068,4 млн. сомго чейин такталган.

*Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалар*

Бир айлык эмгек акы төлөө фондунун көлөмүнүн чектеринде жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын көлөмүн караган Бюджеттик кодекстин 110-беренсине каршы, 2017-жылга иакиалган жылдык көлөм, “2017-жылга республикалык бюджет жана 2018-2019-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 36889,0 млн.сомду, орточо айлык эмгек акы – 3 074,1 млн. сомду түзгөн, отчеттук маалыматтарга ылайык тиешелүү түрдө 36 321,2 млн. сом жана 3 026,8 млн.сом. 2017-жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзам менен, 150,0 млн.сом каралган же 20 эсе аз. Мында, 2017-жылга мамлекеттик бюджет боюнча Башкы китептин балансынын жыйынтыкталган отчеттук маалыматтарына ылайык, республикалык бюджеттин ресурстары (“Республикалык бөлүштүрүлбөгөн ресурстар”) 2017-жылдын башында 1 707,0 млн. сомду, 2017-жылдын аягында - 1 909,9 млн. сомду түзгөн.

**Мамлекеттик баланстын түзүлүшүн жана анын тууралыгын талдоо**

Мамлекеттик баланстын 7-тиркемесинде, “Жана башка салык эмес кирешелер” беренесинде 394,0 млн.сом туура эмес көрсөтүлгөн, андай болсо, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жүргүзүү боюнча Жобого” [9] ылайык, баалуу кагаздардан чыгымдар, 1,6 млрд.сомду түзгөн дисконтту амортизациялоо жолу менен таанылат.

2017-жыл ичинде мамлекеттик карыз боюнча финансылык отчеттуулуктун кварталдык формалары, каттоо жүргүзбөстөн жана каттоо регистрине тиешелүү жазуулар жазылбастан түзүлгөн. Финансылык отчеттуулук кол менен толтурулган, бул болсо, формаларды толтурууда каталарга жана так эместиктерге жол берүү тобокелдигине алып келет.

[9] Финансы министрлигинин 2017-жылдын 29-июнундагы №97-б буйругу менен бекитилген

Жогоруда көрсөтүлгөн Жобону бузуу менен, Мамлекеттик каттоо кызматынын, Курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндө жөнгө салуу борборунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын №16 мекемесинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу "Ынтымак" коомдук регионалдык телерадио компаниясынын, Мамлекеттик салык кызматынын, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин № 1 өндүрүштүк линейлик башкармалыгынын, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин, Бишкек финансылык-экономикалык техникумунун мамлекеттик баланстын финансылык отчеттуулугунда (5-тиркеме), коммерциялык банктарда жайгаштырылган бардыгы болуп 28,2 млн.сомдук каражаттар көрсөтүлгөн эмес.

*Мамлекеттик бюджеттик резерв*

Мамлекеттик бюджеттик резерв 677,5 млн.сом суммасында бекитилген жана 4-кварталда гана ушул булактан каржылоо менен, жалпы чыгымдардан 0,4%.

Жыл ичинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечимдеринин негизинде, Мамлекеттик бюджеттик резервден министрликтерге жана ведомстволорго 530,0 млн.сом каражаттар бөлүнгөн, калган 147,5 млн.сом сумма кыскартылган.

*Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу (соцпакет)*

Бекитилген бюджетте "Социалдык төлөмдү жогорулатуу" ведомстволук классификациялоо коду боюнча 1 899,2 млн.сом белгиленген, бюджет алуучулар боюнча 1786,8 млн. сомго кайрадан бөлүштүрүү аныкталган, 112,4 млн.сом калдык кыскартылган.

**Кризиске каршы чаралар**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.03.2017-жылдагы № 79-б буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Ишеним жана биримдик"[10] программасын ишке ашыруу алкагында, мамлекеттик бюджеттик каражаттардын чыгымдарын оптималдоо максатында, "Жалпы мамлекеттик чыгымдар – кризиске каршы чаралар" казыналык эсепте мамлекеттик сатып алуулардан бюджеттик мекемелердин 186,1 млн. сом каражаттары топтолгон. Келип түшкөн каражаттардын ичинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөндөгү буйруктарынын негизинде кризиске каршы чараларга 128,5 млн. сом бөлүнгөн, анын ичинен:

- Кемин районунун Ильич айыл аймагындагы ички чарбалык бассейн боюнча ондоо-калыбына келтирүү иштери үчүн - 12,6 млн. сом, Өзгөн районунун Кызыл Октябрь айыл аймагындагы ички чарбалык каналды

[10] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 09.11.2016-жылдагы № 1053- VI токтому менен бекитилген

реабилитациялоо үчүн - 4,9 млн. сом;

- кечиктирилгис авариялык-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү үчүн, өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин алдын алуу жана жоюу боюнча атайын эсепке - 111,0 млн. сом.

**Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышында аныкталган кемчиликтер**

Республикалык бюджеттен трансферттерди эсепке алуу менен, 2017-жылга жергиликтүүү бюджеттин кирешелеринин факты жүзүндө келип түшүүсү 20 305,3 млн. сомду түзгөн, же болжолдоо 96,8 %га аткарылган. Булактар бөлүгүндө жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин аткарылышы, төмөндөгүдөй маалыматтар менен мүнөздөлөт:

- жөнгө салынуучу кирешелер - 9194,2 млн. сом же 45,3 %;
- бекитилген кирешелер – 5656,2 млн. сом же 27,9 %;
- теңдөөчү гранттар – 1817,6 млн. сом же 8,9 %;
- максаттуу трансферттер – 3637,3 млн. сом же 17,9 %.

Жыйынтыкталган отчеттук маалыматтарына ылайык, чыгымдар боюнча жергиликтүү бюджеттердин кассалык аткарылышы такталган 21 525,6 млн. сом (90,7 %) алдында 19 528,5 млн. сомду түзгөн. Жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын негизги көлөмү билим берүүгө (33,3 %), турак жай-коммуналдык кызматтарга (32,2 %), жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга (20,5 %), жана башка кызматтарга (14 %) багытталган.

2017-жылдын жыйынтыгы боюнча, чегерүүлөрдүн ченемдердин оптималдоо жагына, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосундагы мамилелерди бюджеттик жөнгө салууну жакшыртуу зарылдыгын көрсөткөн, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эркин калдыгы 2029,9 млн. сомду (бюджеттик каражаттар - 1833,2 млн. сом, атайын каражаттар - 196,7 млн. сом) түзгөн.

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды пландоо жана чыгымдоо маселелери боюнча жүргүзүлгөн аудит тарабынан, кирешени камсыздоо деңгээли туура эмес аныкталбагандыктан, 40 район жана 14 шаар боюнча квота көлөмү 111,3 млн. сомго ашырылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.05.2013-жылдагы № 302 “Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө” токтомуна ылайык, коммуналдык кызматтардан, билим берүү уюмдарынын имараттарын жана жайларын күтүү боюнча чыгымдардан сырткары, жан боюнча каржылоого ылайык (мугалимдердин эмгек акылары жана башка чыгымдар), билим берүү мекемелери республикалык бюджеттен каржыланат.

Республикалык бюджеттен билим берүү стандарттарын жеткире каржылабоо, жергиликтүү бюджеттерден тамак-аш, инвентарларды сатып алуу боюнча беренелер жана башка чыгымдарды каржылоого алып келет.

Алсак, 2017-жылы тамак-аш боюнча жергиликтүү бюджеттердин чыгымдары (бюджеттик каражаттардын эсебинен) 14,2 %ды түзгөн, товарларды сатып алууга – 3,7 %, чарба жүргүзүү максаттарына – 2,6 %.

Мында, Бишкек шаары боюнча кирешелердин 377,3 млн. сомго жеткире түшпөгөндүгү жана чыгымдардын 677,4 млн.сомго жеткире каржыланбагандыгы алдында төмөндөгүдөй чыгымдар жүргүзүлгөн:

- Бишкек шаардык Кеңешинин 14.04.2017-жылдагы №13 токтомуна ылайык, 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджеттин чыгымдарынын үстүнөн кирешелерди ашырган каражаттардын калдыгынын эсебинен, кызматкерлердин тамак-ашына жана жол киресине, ошондой эле кызматкерлерге дем берүүчү төлөмдөрдү төлөө боюнча 105,2 млн. сом (жеткире каржыланбаган каражаттар), анын ичинен кызматкерлерге 25,7 млн. сом, аларды күтүү боюнча каражаттар республикалык бюджеттен каржыланат (Финансы министрлигинин Бишкек шаардык жана райондук башкармалыктары);
- эки жеке билим берүү мекемелерин каржылоого 7,9 млн. сом;
- ар кандай чөйрөдөгү кызматкерлердин эмгек акыларына карата ай сайынкы кошуп төлөөлөр жана үстөк акылар жалпы 448,8 млн. сом суммасында.

Ошол эле учурда, финансылык ресурстардын чектелгендигинен улам, Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан, шаар аймагын паспорттоштуруу, технологиялык карталарды иштеп чыгуу жана тактоо, муниципалдык транспортту өнүктүрүү, көп ярустуу токтотмо жайлардын курулушу, шаардын борбордук бөлүгүн деталдуу пландоо долбоорлорун иштеп чыгуу жана бекитүү, муниципалдык токтотмо жайларды оптималдоо ж.б. сыяктуу маанилүүү иш-чаралар аткарылган эмес.

Мындан сырткары, шаардык бюджеттен төмөндөгүдөй суммада чыгымдар жүргүзүлгөн:

- Салык жана жыйымдар боюнча мамлекеттик комитеттин башкармалыгынын кошумча бирдиктерин күтүүгө (70 бирдик) 14,7 млн. сом;
- Билим берүү мекемелеринин типтүү штаттары менен каралбаган кызматтарды күтүү боюнча 55,8 млн. сом.

Ош шаардык Кеңешинин токтомуна ылайык, бюджеттен төмөндөгүлөр төлөнгөн:

- Социалдык чөйрөдөгү кызматкерлерге коммуналдык кызматтар үчүн 19,0 млн. сом компенсация;
- эмгек акыларына карата ай сайынкы кошуп төлөөлөр жана үстөк акыларга жана материалдык колдоого 14,8 млн.сом, анын ичинен, 14,1 млн. сом республикалык бюджеттен алынган трансферттердин эсебинен.

Каржылоо булактары жок туруп, Каракол шаардык Кеңешинин 24.03.2017-жылдагы № 27-14/6 токтомунун негизинде, муниципалдык кызматчылардын эмгек акыларына карата 50 % өлчөмүндө 3,2 млн. сом үстөк акы белгиленген, ошондой эле жергиликтүү салыктар жана жыйымдар бөлүмүнүн 5 штаттан тышкаркы бирдигин күтүү үчүн, 0,7 млн. сомго чыгымдар жүргүзүлгөн. Балыкчы шаарынын бюджетинин каражаттарынын

эсебинен 4,1 млн.сомго жана1,1 млн. сомго ушундай эле чыгымдар жүргүзүлгөн.

Каржылоо булагы жок туруп, жергиликтүү бюджеттердин эсебинен, жергиликтүү Кеңештин токтомуна ылайык, жергиликтүүү салыктарды жыйноо боюнча кошумча штаттар киргизилген (Таш-Көмүр шаары - 0,3 млн. сомго 4 бирдик, Майлуу-Суу шаары 0,5 млн. сомго 3 бирдик).

Бюджеттик кодекстин 25-беренсин бузуу менен, жергиликтүү бюджеттердин резервдик фонддорунан[11] төмөндөгүдөй чыгымдар жүргүзүлгөн *(аудиттин жүрүшүндө республикалык бюджетке калыбына келтирилген):*

- Бишкек шаары боюнча кошумча эмгек акыга 382,7 миң сом;
- Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациянын кызматкерлерине 56,0 миң сом материалдык жардам көрсөтүлгөн;
- Ноокат райондук мамлекеттик администрациянын кызматкерлери 22,0 56,0 миң сомго сыйланган;
- Өзгөн райондук мамлекеттик администрациянын резервдик фондунан мааракелерди өткөрүүгө 5,0 тыс. сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.04. 2016-жылдагы №140-б буйругун бузуу менен, 6 райондук мамлекеттик администрацияда электр энергиясын белгиленген лимиттен ашыкча 580,6 миң сом суммасында керектөөгө жол берилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл областынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында - 1012,1 миң сомго жана Чүй областында - 30,3 миң сомго.

Ош областындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппаратында жылуулук энергиясы белгиленген лимиттен 259,6 миң сомго ашыкча керектелген.

*Региондорду өнүктүрүү фонддору*

01.01.2017-жылга карата региондорду өнүктүрүү фонддору боюнча, төмөндөө жагына 9,3 млн.сомго калдыктардын дал келбестигине жол берилген.

Алсак, Финминдин маалыматтары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.03.2017-жылдагы №56-б буйругу боюнча, региондорду өнүктүрүү фонддору боюнча 01.01.2017-жылга карата калдык, факты жүзүндөгү 571,5 млн. сомго каршы 562,2 млн.сомду түзгөн *(аудиттин жүрүшүндө ылайык келтирүү боюнча түзөтүлгөн түзөтүлгөн жылдыруулар киргизилген).*

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу**

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын түзүмү” отчётуна карата статистикалык маалыматтар, 2000-жылдан тартып колдонулган, маалымат базасынын маалыматтарынын улам түзүлөт.

Ушул жана мурунку аудит тарабынан, мамлекеттик карызды эсепке алуу жана статистикасын жүргүзүү боюнча бекитилген методологиянын

[11] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы № 238 токтому менен бекитилген

жоктугу белгиленген. Мамлекеттик карызды эсепке алууну жүргүзүү, акыркы кортундуланган статистикалык жана эсептик маалыматтарды түзүү жана бекитүү процесстерин регламенттебестен, эркин формада жүргүзүлөт.

31.12.2017-жылдагы абал боюнча Финмин тарабынан берилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын түзүмү” маалыматы боюнча, 280,9 млрд. сомго (4080,6 млн. доллар) каршы, 281,5 млрд.сомду түзгөн тышкы карыздын суммасынын 636,8 млн. сомго четтөөсү аныкталган, анын ичинен төмөндөгүлөр боюнча: Кытайдын экспорттук-импорттук банкына - 474,0 млн. сом, «KFW» (Германия) банкына – 49,9 млн. сом, Араб Экономикалык өнүктүрүү Кувейт Фондуна (АЭӨКФ) – 5,8 млн. сом, Сауд өнүктүрүү фондуна (СӨФ)– 1,6 млн. сом, Ислам өнүктүрүү фондуна (ИӨБ) - 10,8 млн. сом, Эл аралык өнүгүү ассоциациясына (ЭӨА, Дүйнөлүк банк) - 1,7 млн. сом, Европалык реконструкциялоо жана өнүгүү банкына (ЕРӨБ) - 78,8 млн. сом, Евроазия өнүгүү банкына – 14,7 млн. сом, башка насыя берүүчүлөр боюнча (-) 0,5 млн. сом.

Эсепке алуу китебине өз убагында жазууну жүргүзүү менен, насыялык макулдашуулар боюнча карыз милдеттемелерин өз убагында каттоо камсыздалган эмес.

Алсак, төмөндөгү насыялык макулдашууларда эсепке алуу жазууларынын жоктугу аныкталган:

- 1994-жылдан тартып, 66 810,0 миң немец маркасы менен 97 524,4 миң еврого 19 насыя боюнча Германиялык «KFW» банкы менен;
- 19 250,0 миң АКШ долларына жана 17 900,0 миң ислам динарына Ислам өнүгүү банкы менен;
- 290 000,0 миң АКШ долларына Евроазия өнүгүү банкы менен.

Бюджеттик классификацияда жана тышкы карызды тейлөө үчүн бюджеттин чыгымдар бөлүгүндө каралбаган, “өздөштүрүлбөгөндүгү үчүн комиссия” түрүндөгү төлөм, 31.12.2017-жылга карата төмөндөгү банктардын насыялары боюнча “пайыздар” катары эсепте бурмаланып көрсөтүлгөн: Эксимбанктын - 4 622,4 миң АКШ доллары жана 541,2 миң кытай юаны; Германиялык «KFW» банкынын (өздөштүрүлбөгөндүгү үчүн пайыздар) – 355,0 миң евро.

Наркы 2,0 млн.евро турган ЕРӨБдин “Кара-Балта шаарында суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо” долбоорун ишке ашыруу жол-жобосун Кара-Балта шаарынын мэриясы өз убагында аткарбагандыгына байланыштуу, өздөштүрүлбөгөндүгү үчүн комиссия боюнча, республикалык бюджеттен 50, 0 миң евро (4,0 млн.сом) суммасындагы кошумча чыгымдарга жол берилген.

**Мамлекеттик инвестициялар программасы**

2017-жылы ЕКнын “Секторду реформалоо боюнча контракт: Кыргыз Республикасында социалдык коргоо”, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги); АӨБдин “Билим берүү секторун колдоо”, Дүйнөлүк банктын “Өнүгүү саясатын колдоодо операция” гранттары боюнча милдеттемелерди сапатсыз аткаруудан улам, 2188,2 млн.сомго программалык жардам жеткире түшкөн эмес.

Бюджеттик кодекстин 59-беренеси менен, мамлекеттик карызга алуу боюнча милдеттемелерди камсыз кылуу үчүн мамлекеттин активдерин, ошондой эле алтын жана Улуттук банктын эл аралык резервдерин күрөө түрүндө пайдаланууга тыюу салынат. Ошону менен бирге, төлөмдү камсыздоодо ЕАӨБ менен насыялык макулдашууда, мамлекеттик активдерди канааттандыруу шарттары каралган. Ушундай эле, ЕАӨБдын стандарттуу шарттары менен, кайсы гана карызды болбосун кайтарууну камсыздоо катары, ЕАӨБды канааттандырган ар кандай баадагы күрөө укугун акысыз берүү каралган.

2017-жылдагы насыялык макулдашуулардын финансылык шарттарын талдоо, Өздөштүрүлбөгөн сумма үчүн 0,5 % комиссия түрүндө (Евроазиялык өнүгүү банкы, ЕРӨБ), Бюджеттик классификацияда каралбаган төлөмдөрдүн болгондугун көрсөттү. Тышкы карызды тейлөө боюнча мамлекеттик бюджеттин чыгымдарында негизги сумманы жана негизги пайыздарды гана төлөө каралаарын эске алсак, анда бул комиссияларды төлөө, республикалык бюджеттин кошумча чыгымдары болуп калат.

“Камбарата ГЭС-2 экинчи гидроагрегатын пайдаланууга киргизүү” долбоору боюнча ЕАӨБ менен насыялык макулдашуу боюнча, бир жолку комиссия 1% өлчөмүндө аныкталгандыгы белгиленген, андай болсо, ЕАӨБдын мурда түзүлгөн башка насыялык макулдашуулары боюнча бир жолку комиссия кантип 0,5%ды түзгөн. Пайыздардын көбөйүүсү мамлекеттик карызды тейлөө боюнча республикалык бюджеттин андан аркы 550,0 миң АКШ долларындагы кошумча чыгымдарына алып келет.

Насыялык жана гранттык макулдашуулардын расмий котормосунун жоктугу белгиленген.

Насыяларды жана займдарды кайтаруунун жеңилдетилген мезгилинин башталган, ошондой эле алар боюнча пайыздарды төлөө датасы болуп, каржылоо жөнүндө макулдашууларга кол коюу датасы белгиленген, бул болсо, келишимди узакка ратификациялоо учурунда жеңилдетилген мезгилди пайдаланбай калуу тобокелдигин түзөт. Буга байланыштуу, келишимдеги жеңилдетилген мезгилдин датасын, биринчи транш келип түшкөн датадан тартып эсептөө максатка ылайыктуу болмок.

Финмин тарабынан эл аралык насыялык макулдашуулардагы (долбоорлор: «Мал чарбачылыгын жана рынокту өнүктүрүү -1» - 6,5 млн. СПЗ, грант; «Аялдардын ишкердигин өнүктүрүү» - 1,5 млн. АКШ доллары, грант) милдеттүү шарттар сыяктуулар жок туруп, коммерциялык банктарда эсептерди ачууга аткаруу агенттиктерине уруксаттарды берүү фактылары аныкталган.

Товарлар, кызмат көрсөтүүлөр жана жумуштар менен жабдуучулардын эсептерине донорлор тарабынан түз төлөө шарттары менен, 15 насыялык макулдашууну түзүүгө жол берилген, бул болсо, республикалык бюджетке акча каражаттарынын келүүсүн алып таштайт.

31.12.2017-жылга карата долбоорлордун эсептериндеги каражаттардын калдыгы 1541,4 млн. сомду түзгөн, пайыздык эсептерде (долбоорлордун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарына карата коммерциялык банктар тарабынан эсептелген пайыздар) – банктык кызмат көрсөтүүлөрдү

чыгаруу менен, Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 10-пунктуна ылайык, 24,6 млн. сом.

**Эл аралык уюмдарга жана интеграциялык бирикмелерге мүчөлүк жана үлүштүк төгүмдөрдү каржылоо**

2621 "Эл аралык уюмдарга төгүмдөр" беренеси боюнча 39 эл аралык уюмдар жана интеграциялык бирикмелер боюнча мүчөлүк төгүмдөрдү төлөөгө, Финмин тарабынан 442,5 млн. сом каражат каралган жана төлөнгөн, 01.01.2018-жылга карата карыз 773,3 млн. сомоду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын мүчөлүк жана үлүштүк төгүмдөрүн төлөө боюнча карыздын пайда болуу, ошондой эле анын жыл сайын өсүү себеби болуп, эл аралык уюмдардын басымдуу көпчүлүгүнүн бюджеттерин жыл сайын көбөйтүү, анын натыйжасында, мүчө мамлекеттердин мүчөлүк төгүмдөрүнүн көбөйүүсү, финансылык жыл ичинде пайда кыргыз сому менен чет элдик валюталардын ортосундагы курстук айырма, эл аралык уюмдарда Кыргыз Республикасынын топтолгон карызы менен өз убагында чечилбеген маселелер, Кыргыз Республикасынын жаңы эл аралык уюмдарга кириши ж.б. эсептелет.

**Насыяларды, ссудаларды жана займдарды кайтаруу**

Нарктын азаюу жагына өзгөрүүсү, ошондой эле 7 объект боюнча күрөөлүк камсыздоонун жоктугу менен байланышкан республикалык бюджеттин жоготуусу 2613,1 млн.сомду түзгөн.

2017-жылдын башында 2017-жылы төлөнүүгө тийиш болгон, бюджеттик насыялар боюнча карыз суммасы, график боюнча 8389,1 млн. сомду түзгөн, мөөнөтү өткөн карыз - 5044,1 млн. сом же 2017-жылы келип түшүүлөрдү пландоо үчүн, булактардын жалпы көлөмү 13433,2 млн. сомду түзгөн.

Маалымат базасына ылайык, 2017-жылы төлөөнүн факты жүзүндөгү графиги 6 418,2 млн. сомду түзгөн. Бирок, карыздарды кайтаруудан келип түшүүлөрдүн болжолдоо планы 3043,2 млн. сомго бекитилген, же 5345,9 млн. сомго төмөн, же график боюнча кайтарылууга тиешелүү суммадан 36,2%. 2017-жылы факты жүзүндө 4638,1 млн. сом төлөнгөн.

Күрөө мүлкү менен камсыздалбаган 642 субъектиде, бюджеттик насыялар боюнча карыздын 99107,3 млн.сомго калдыгынын болушу аныкталган.

Энергетикалык ишканаларга 128635,2 млн. сом бюджеттик насыялар берилген. 31.12.2017-жылга карата энергетикалык сектордун ишканалары тарабынан республикалык бюджетке 28 959,4 млн. сом кайтарылган, бул болсо, алынган насыялардан 22,5 %ды түзгөн, карыздын калдыгы 96 824,5 млн. сомду түзгөн.

2006-жылдан 2017-жылга чейинки мезгил аралыгына карата, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан "Электр станциялары" жана "НЭС Кыргызстан" ААКларынын 21790,9 млн. сом карыздарын реструктуризациялоо жүргүзүү жөнүндө 19 чечим кабыл алынган, анын

ичинен, 12146,1 млн. сом мөөнөтү өткөн карыз, анын ичинен, 2015-2017-жылдары аралыгына карата, энергетикалык компаниялардын 11100,1 млн. сом карызы реструктуризацияланган.

Энергетикалык компаниялардын карызын реструктуризациялоо, бюджеттин киреше бөлүгүн тарттырууга алып келет, анткени, Кыргыз Республикасынын насыялык макулдашуулары боюнча милдеттемелерге ылайык, төлөө графикке ылайык жүргүзүлөт.

Энергетикалык компаниялардын финансылык отчеттулугун талдоо, алардын финансылык абалынын туруксуздугу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Алсак, "Электр станциялары" ААКсында мурда алынган бюджеттик насыялар боюнча бюджет алдында 46030,9 млн. сом карызы бар, анын ичинен, мөөнөтү өткөн - 1847,8 млн. сом. Күрөөлүк камсыздоо 9781,1 млн. сомго гана берилген, калган насыялар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерине ылайык, өтүмдүү күрөөлүк камсыздоосуз берилген. Ишкананын активдери тартылган зайымдар жана насыялардын эсебинен түзүлгөн (зайым капиталынын үлүшү - 98 %), мында узак мөөнөттүү зайымдар жеке капиталды 37 %дан ашык жогорулатат.

«НЭС Кыргызстан» ААКСында бюджеттик насыялар боюнча бюджет алдындагы карызы 50 726,5 млн.сомду түзгөн, анын ичинен, мөөнөтү өткөн - 1116,6 млн. сом. "Токтогул гидроэлектр станцияларынын каскадынын жана улуттук жогорку вольттуу электр берүү линияларынын өзгөчө статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, насыялар күрөөсүз. Активдер 94%га зайымдардын жана насыялардын эсебинен түзүлгөн, мында, узак мөнөттүү зайым каражаттары жеке капиталды 13 эседен ашык жогорулатат.

Туруксуз финансылык абал, алар бюджет алдындагы өз милдеттемелерин төлөбөй калуу тобокелдигин түзөт. Энергетикалык тармактын көрсөтүлгөн субъекттериндеги мөөнөтү өткөн карыздарды азайтуу, аны реструктуризациялоо жолу менен жүргүзүлөт.

Туруксуз финансылык абалга жана мурда берилген бюджеттик насыялар боюнча карыздардын болушуна карабастан, 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.11.2017-жылдагы № 532-б буйругу менен, 15.12.2040-жылга чейин төлөө мөөнөтү менен, реструктуризациялоо процессинде бюджеттик насыяларды 5 214,1 млн. сомго капиталдаштыруу жүргөн, анын ичинен, "Электр станциялары" ААКсы - 2 581,6 млн. сом, "НЭС Кыргызстан" ААКсы - 2 632,6 млн. сом.

**Капиталдык салымдар**

Акыркы үч жылдагы маалыматтарды талдоо, капиталдык салымдарды тутумдуу пландоонун жоктугун күбөлөндүрдү.

Өкмөт тарабынан жыл сайын капиталдык салымдарга чыгымдардын көлөмү адегенде аз көлөмдө пландалат, андан соң көбөйтүү менен такталат жана бюджеттик жылдын процессинде каржыланат, бул болсо, тиешелүү жылга бюджеттин долбоорунда жана болжолдоодо каралбаган чыгымдардын көбөйүүсүнө алып келет, объекттер Тизмесине көп жолу өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилет.

Мурунку мезгилде каралган объекттердин курулушун аяктоого жана алардын артыкчылыгын эске алуу менен, 2017-жылга бекитилген тизмедеги объекттерди курууга, реконструкциялоого багыттоо менен, 2017-жылга республикалык бюджеттен капиталдык салымдарды каржылоого каражаттар, 2900,0 млн. сом суммасында бекитилген.

2017-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамды кабыл алуу учурунда, объекттер Тизмеси түрүндөгү капиталдык салымдардын суммаларын социалдык-экономикалык негиздөө болгон эмес. Объекттер Тизмеси 559,3 млн. сомду түзгөн, бул болсо, Премьер-министр менен макулдашылган жана 15.02.2017-жылы Финансы министри бекиткен, Мыйзам менен каралган суммадан 19,2 %ды түзгөн.

Бюджетти аткаруу процессинде капталдык салымдарга чыгымдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругунун негизинде 9 513,7 млн. сомго чейин көбөйтүлгөн, анын ичинен, ички инвестицияларды жүзөгө ашыруу мөөнөтүн жана конкреттүү булактарды жана жетиштүү негизделген экономикалык жана социалдык максатка ылайыктуулугун аныктабастан туруп - 6 428,7 млн. сом. Факты жүзүндө 8 703,7 млн.сомго (91,5%) каржыланган же 810,0 млн. сомго жеткире каржыланган эмес.

Бюджеттик жыл ичинде Финмин тарабынан, Премьер-министр менен макулдашуу боюнча 11 тизме бекитилген, анын ичинен, артыкчылыктуулугун сактабастан жана башталгандарды аягына чыгарбастан туруп, жаңы объектилер киргизилген.

2017-жылы капиталдык салымдардын басымдуу бөлүгү курулушка, өндүрүштүк эмес багыттагы объекттерди оңдоого багытталган. Мында, көптөгөн объекттер, болуп өткөн өзгөчө кырдалдардын, социалдык объекттердин жана жолдордун авариялык абалынын натыйжасында каралган. Ошол эле учурда, Тизме менен, айрым региондордо жана бүтүндөй өлкөдө экономика тармагын камсыздоого багыттоо менен, өндүрүш багытындагы объекттер (жаңы курулуш, кеңейтүү, реконструкция, техникалык жактан кайрадан жабдуу) каралган эмес.

2017-жылы капиталдык салымдарды өздөштүрүү, капиталдык салымдардын 13 администратору (заказ берүүчүлөр – куруучулар) тарабынан ишке ашырылган.

Мамлекеттик керектөөлөр үчүн, башталган объекттердин, курулуштардын жалпы болжолдонгон сметалык наркы 41989,4 млн. сомду түзгөн, аны каржылоо 2017-жылга дейре курулушту баштоо менен, республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен 15985,8 млн. сомго же 38,1 %га жүргүзүлгөн, демек, аяктоо үчүн керектөөнүн эсептик суммасы 26003,6 млн. сомду түзүшү керек. Финминдин маалыматтары боюнча, объекттердин Тизмесине киргендерди аяктоо үчүн керектөө 16 184,0 млн. сомду түзгөн, же эсептик суммадан 9 819,6 млн. сомго аз. Алдын ала болжолдонгон наркка карата керектөө суммасын азайтуу себеби, конкурстук тооруктарды өткөрүүнү, долбоорлоо-сметалык документтердин иштеп чыгуу жана бекитүүнүн натыйжасында, иштин жана бөлүнгөн акчаларды көлөмүн ашыра пландоо жана кийинчерээк тактоо эсептелет.

2017-жылы капиталдык салымдардын негизги администраторлору болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:

- 5 594,1 млн. сомго каржыланган ТЖКД, бул болсо, бардык капиталдык салымдардан 64,3%ды түзгөн;

- 2 076,4 сомго каржыланган ЖЧД (23,9%);

- 550,0 млн. сомго (6,3%) Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлиги жана 483,2 млн.сомго же 5,5%га башка администраторлор.

ТЖКД 2017-жылга республикалык бюджеттен "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча каржылаган, объекттердин жана курулуштардын тизмесин түзүүдө, 344 социалдык объекттерди киргизүү сунушталган, анын ичинен, өтмө 327 объект жана 17 объект, аларды аяктоо үчүн 9 813,8 млн. сом талап кылынган.

Финмин тарабынан Өкмөт менен макулдашуу менен, бекитилген 11 тизменин жыйынтыгында 2017-жыл ичинде, Мамкурулуш тарабынан 6 153,5 млн. сомго 273 объекттин курулушун каржылоо каралган, анын ичинен, 5 594,1 млн. сом (91,0%) каржыланган, мында Жобонун[12] 10-пунктун бузуу менен, аягына чыгарылбаган объекттерди жана башталгандарды аягына чыгарбастан жана артыкчылыкты сактабастан туруп, жалпы 2 934,9 млн. сом суммасында 71 жаңы объект киргизилген, бул болсо, бюджеттик бөлүнгөн акчалардын такталган көлөмүнөн 47,7 %ды түзгөн, анын ичинен, бюджет сыйымдуулугу:

- 170,0 млн. сомго ветеринария жана фитосанитария коопсуздугу боюнча 12 лаборатория борборлорун реконструкциялоо жана 4 жаңы имарат (Евразия экономикалык биримдигинин талаптарын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.06.2016-жылдагы № 275-б буйругу);

- 131,6 млн. сомго 4 контролдук өткөрүү пунктун (КӨП) куруу жана реконструкциялоо: "Токмок-Автожол", "Кен-Булуң-Автожол", "Чалдовар-Автожол", "Ак-Тилек-Автожол";

- 400,0 млн. сомго Ош, Жалал-Абад жана Чүй областтарындагы өзгөчө кырдаалдардын натыйжасында бүлгүнгө учураган 11 авариялык объект (билим берүүнү 7 объектиси, саламаттык сактоонун 2 объектиси, суу менен жабдуунун 2 объектиси);

- 1 569,5 млн. сомго же капиталдык салымдардын каралган жалпы суммасынан 25,5 %га Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейин капиталдык оңдоо жана курулуш иштери;

- 220,0 млн. сомго Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук онкология жана гематология борборунун объекттерин капиталдык оңдоо, долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо;

- Ысык-Көл областынын Сары-Ой айылындагы "Асыл" ден соолукту чыңдоо комплексин капиталдык оңдоо жана куруу, бул жерге адегенде 300,0 млн. сом каралган. Такталган бюджет менен каржылоо көлөмү 57,0 млн.

[12]Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.09.2006-жылдагы № 652 токтому менен бекитилген

сомго белгиленген же 243,0 млн. сомго азайтылган. Факты жүзүндө 51,0 млн. сомго каржыланган;

- 250,0 млн. сомго билим берүүнүн 10 авариялык объектиси ( Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сунушу боюнча), (билим берүүнүн 5 объектиси боюнча типтүү долбоорлорду кайрадан колдонуу каралган, 5 объекттин долбоорлоо-сметалык документтери жок);
- жалпы 136,8 млн. сом суммасында 27 жаңы объект;

Мындан сырткары, курулуп жаткан объекттерди каржылоо көлөмүнө көптөгөн түзөтүүлөр киргизилген:

- 154 объект боюнча 694,7 млн. сомго көбөйтүү боюнча (2017-жылы аякташы пландалган объекттерди каржылоону көбөйтүү, насыялык карызды төлөө ж.б.у.с.);
- 42 объект боюнча 1 211,7 млн. сомго азайтуу боюнча.

2017-жылы аякташы пландалган объекттердин ичинен, ТЖКД тарабынан 90 объекттин курулушу жана 99 объекттин капиталдык оңдолушу аяктаган, анын ичинен, төмөндөгү тармактар боюнча: билим берүүнү 60 объектиси (54 мектеп жана алардын спорт залдары, 6 бала бакча); 3 контролдоо-өткөрүү пункту; саламаттык сактоонун 6 объектиси; ветеринардык диагностика жана экспертизанын 16 лабораториясы; суу менен жабдуунун 11 объектиси; маданияттын 2 объектиси жана 1 турак үй. Ошону менен бирге, өткөн жылдагы тизмеден өткөн 114 объект 2017-жылдагы Тизмеге киргизилген эмес.

Бекитилген Тизме менен ЖЧД боюнча 2 234,0 млн. сомго каржылоо каралган, факты жүзүндө 2 076,4 млн. сомго (92,9 %) каржыланган. 2017-жылдын башында өтмө курулуш объекттеринин саны, 3 219,1 млн. сомго аяктоо үчүн керектөө суммасы менен 18ди түзгөн, такталган бюджет менен 1 139,2 млн. сом каралган, же керектөө суммасынан 35,3 %, 1 128,6 млн. сомго же 99 %га каржыланган. 17 объект боюнча насыялык карызды төлөөгө 33,4 млн. сом пландалган, факты жүзүндө 31,5 млн. сом каржыланган. Аяктоо үчүн 967,6 млн. сом керектөө менен, 63 бирдик санындагы жаңы курулуш объектилерине, такталган бюджет менен 522,5 млн. сом каралган, же керектөө суммасынан 54 %, 464,3 млн. сомго (88,9 %) каржыланган.

2017-жылдын жыйынтыгы боюнча, башталган курулушту аяктоо үчүн керектөө 2 593,8 млн. сомду түзгөн.

Ошондой эле, жогоруда көрсөтүлгөн Жобо менен, жаңы курулуш, кеңейтүү, реконструкциялоо, техникалык жактан кайрадан жабдуу караларын белгилей кетүү керек. Ошону менен бирге, бул талаптарга каршы, Тизмеге социалдык-маданий объекттерди капиталдык оңдоого 288,8 млн. сомго каржылоо киргизилген, 192,9 млн. сомго каржыланган. Каржылоо 3111 «Имараттар жана курулмалар» беренеси боюнча «26640 Финансы министрлиги» ведомстволук квалификация боюнча жүргүзүлгөн, андай болсо, капиталдык оңдоону каржылоо, балансында оңдолгон имараттар жана курулмалар турган бюджеттик органдарды ведомстволук классификациялоо боюнча жүргүзүлүшү керек эле.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Финансы министрлиги тарабынан, 2017-жылга Тизме Жобонун талаптары сакталбастан түзүлгөн, б.а. 2 934,9 млн. сомго (ТЖКДнын такталган бюджетинен 47,7 %) 21 бирдик санында ТЖКД жана аяктоо үчүн 967,6 млн. сомдук керектөө менен, 63 бирдик санында ЖЧД боюнча жаңы объекттерди киргизүү жолу менен, башталган жана аягына чыгарылбаган курулуштарды бүтүрбөстөн туруп, киргизүү бөлүгүндө артыкчылык тартиби сакталган эмес, бул болсо, ЖЧДнын такталган бюджетинен 43,3 %ды түзгөн.

Тизмени өтөк көп долу бекитүү, экономикалык жана жаңы курулушту киргизүүдө социалдык максатка ылайыктуулугунун толук негиздеринин жоктугу, объекттер бөлүгүндө каржылоо көлөмүн бир кыйла ондоо, Тизмеде бюджеттик инвестициялардын бардык көлөмүн чагылдырбоо фактыларына жол берүү, капиталдык салымдарды пландоо деңгээлинин төмөндүгүн көрсөтөт.

Натыйжада, башталып калган объекттердин курулушун аяктоо мөөнөттөрү созулган, аягына чыгарылбаган курулуштун сапаты начарлаган жана жарабай калат, ал эми инфиляцияны эске алуу менен, курулуштун наркы жыл сайын өсүүдө, бул болсо, бюджеттик каражаттардын рационалдуу эмес жана натыйжасыз пайдаланылышына жана башталган жана аягына чыгарылбаган курулуштун санын көбөйтүүгө алып келет.

Алсак, 31.12.2017-жылга карата республикалык бюджеттин балансына ылайык, бюджеттик каражаттар боюнча аягына чыгарылбаган курулуш бүтүндөй республика боюнча 21698,2 млн. сомду түзгөн, же өткөн жылга салыштырмалуу 2 633,4 млн. сомго (13,8 %) көбөйгөн, анын ичинен,жыл башына салыштырмалуу 2017-жылдын аягындагы курулуш төмөндөгүлөр боюнча көбөйгөн:

- 1 694,3 млн. сомго (21,1%) ТЖКД жана 8 032,7 млн. сомду түзгөн;
- 2 008,8 млн. сомго (43,6%) Транспорт министрлиги жана 6 616,1 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылга кризиске каршы иш-аракеттер планынын[13] 3-пункту менен, карата 2017-жылга титулдук баракты түзүүдө жаңы социалдык объекттердин курулушуна 1 жылга мораторий киргизүү милдети коюлган. Мамкурулуш тарабынан Өкмөткө “2017-жылга “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган, мамлекеттик курулуштардын жана объекттердин Тизмесине жаңы курулуш объекттерин киргизүүгө мораторий киргизүү жөнүндө” токтомунун долбоору киргизилген, бирок ал Өкмөттөн колдоо тапкан эмес.

Бекитилген тизмеге ылайык, Финмин каржылоону куруучу-буйрутмачылар сунуштаган билдирмелердин негизинде ар бир объектке ачылган өздүк бюджеттик эсептер боюнча жүзөгө ашырат. Капиталдык салымдар республикалык бюджеттин чыгашаларын эсепке алуунун «26640 Финансы министрлиги «капиталдык салымдар» ведомстволук

[13] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.07.2016-жылдагы №383 токтому менен бекитилген

классификациясынын «Имараттар жана курулмалар» беренеси боюнча чагылдырылат.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын бирдиктүүлүк принцибинде (Бюджеттик кодекстин 6-беренеси), Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жүзөгө ашырылган бюджетти аткаруу боюнча операцияларды эске албаганда, бюджеттин бардык ресурстарын чегерүү жана бардык бюджеттик чыгашаларды ЕКС менен ишке ашыруу каралган.

Толук чагылдыруу принциби, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык кирешелерди жана чыгашаларды бюджетте милдеттүү түрдө жана толук көлөмдө чагылдыруу дегенди түшүндүрөт.

Ошону менен бирге, республикалык бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүндө башка бюджеттен тышкаркы булактардан капиталдык салымдар объекттерин каржылоого түшкөн ресурстарды чегербей жана чагылдырбай коюу фактылары да бар.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Президентинин буйруусунун негизинде 2017-жылы Президенттик социалдык коргоо жана колдоого алуу фондунан Президенттин жана Өкмөттүн ишин тескөө башкармалыгына бир катар объекттерде оңдоо-куруу иштерин аягына чыгаруу үчүн Мамлекеттик курулушка финансылык колдоо көрсөтүү үчүн 183,0 млн. сом бөлүнгөн.

Жобого ылайык[14], Президенттик социалдык коргоо жана колдоого алуу фондунун акча каражаттары мамлекеттик бюджеттин курамына кирбейт жана ал Кыргыз Республикасынын Президентинин атына түшүүчү эл аралык жардамдын, мамлекеттик, кооперативдик жана коомдук уюмдардан, ишканалардан жана мекемелерден, ошондой эле жеке адамдардан жана башка булактардан өз ыктыярдыгы боюнча кайрымдуулук каражаттарынын эсебинен түзүлөт.

Бул каражаттар Бюджеттик кодекстин 106-беренесинин 5-пунктунун талабын бузуу менен ЕКСке чегерилбестен, казына тутумунан сырткары ТЖКДнын эсептешүү эсебине чегерилген.

Республикалык бюджеттин 2017-жыл үчүн отчеттук маалыматтарында «26640 Финансы министрлиги «капиталдык салымдар» ведомстволук классификация боюнча «Имараттар жана курулмалар» беренеси жана Тизмеде бекитилген объекттерди каржылоо көрсөткүчтөрү ортосунда дал келбестиктер аныкталган.

Алсак, республикалык бюджеттин 2017-жыл үчүн отчеттук маалыматтарында 26640 ведомстволук классификациянын «Имараттар жана курулмалар» статьясы боюнча бюджеттик каражаттар боюнча такталган план бардыгы болуп 9 513,7 млн. сомду түзгөн, анын ичинен 8 703,7 млн. сом аткарылган. Бекитилген тизмеге ылайык объект боюнча каржылоонун такталган суммасы 9 374,4 млн. сомду, ал эми факты жүзүндө каржылоо суммасы – 8 640,2 млн. сомду түзөт же айырма такталган бюджет боюнча 139,3 млн. сомду, ал эми каржылоо боюнча 63,5 млн. сомду түзөт.

---

[14] 01.08.1994-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик катчы тарабынан бекитилген

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөнкү буйруктарына ылайык:

- 27.12.2016-жылдын №568-б буйругу менен, Россия Федерациясынын грантынын үнөмдөлгөн каражаттарынын эсебинен 2017-жылы Ош шаарында көпүрө курууга (Ленинградская көчөсү) 39,3 млн. сом суммасында каржыланган;
- 08.06.2017-жылдагы №214-б, 18.09.2017-жылдагы №589-б буйруктары менен, чек аранын жанында жайгашкан калктуу пункттарда социалдык инфратүзүмдү өнүктүрүү үчүн 100,0 млн. сом каралган, 78,2 млн. сомго каржыланган, анын ичинде суу менен камсыздоочу 8 объект үчүн - 43,8 млн. сом, 1 спорт объекти үчүн - 10,4 млн. сом, 2 бала бакча - 23,2 млн. сом жана 1 саламаттыкты сактоо объекти үчүн - 0,8 млн. сом.

Бирок бул объекттерди каржылоо белгиленген тартипте талапка ылайык Тизмеге киргизүүсүз ишке ашырылган, бул отчеттук маалыматтарда аныкталган дал келбестиктердин себебинен болгон.

Мамлекеттик бюджеттин каражаттарын пайдалануу менен Кыргыз Республикасынын аймагында курулушту жүзөгө ашырган куруучу-буйрутмачылардын кызматын күтүүгө сарптоолор ченеми Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 13.06.2006-жылдагы №423 токтому менен негизги капиталга инвестициялардын (капиталдык салымдар) жана негизги фонддорду ондоого сарптоолордун көлөмүнөн 2,9% чейинки өлчөмдө бекитилген.

Куруучу-буйрутмачылар тарабынан бул сарптоолор ченеми курулуш-куроо жана башка иштерди аткарган подряддык уюмдар менен түзгөн келишимдерде каралган, капиталдык салымдардын сарптоолорунда караштырышат жана факты жүзүндө каржылоо учурунда кармалып турат. Куруучу-буйрутмачылардын кызматтарын күтүүгө сумма, республикалык бюджеттин эсебинен каржыланган болжолдуу капиталдык салымдын жалпы суммасынан 2017-жылы 250,5 млн. сомду түзгөн. Ошол эле учурда, белгиленген ченем чектүү жана бекитилбеген болуп саналат. Ушуга байланыштуу, бюджеттик каражаттарды үнөмдөө максатында Финмин куруучу-буйрутмачылардын кызматтарын күтүүгө сарптоолорду капиталдык салымдарды өздөштүрүүгө байланыштуу куруучу-буйрутмачылардын сарптоолорун эсептөөнүн негизинде 2,9% чегинде жүргүзүүсү зарыл.

**Баалуу металлдар департаментинин иши жөнүндө**

Баалуу металлдар департаменти жөнүндө жобого ылайык, аталган Департаменттин түзүмүнө Мамлекеттик баалуулуктарды сактоо жайы жана Сынамык көзөмөлдөө инспекциясы кирет.

Мамлекеттик баалуулуктарды сактоо жайы бюджеттик каражаттарга сатылып алынган аффинаждалган баалуу металлдарды, конфискацияланган жана башка негиздер боюнча түшкөн баалуу металлдарды жана алардан жасалган буюмдарды кабыл алууну, эсепке алууну, сактоону жүзөгө ашырат. Мамлекеттик фонддун баалуулуктарынын жалпы суммасы 38,4 млн.сомду түзгөн, анын ичинде бюджеттик каражаттарга сатылып алынган баалуу металлдар 14,7 млн. сомду жана конфискацияланган баалуулуктар 23,7 млн.сомду түзөт.

2017-жылы укук коргоо органдарынан кабыл алынган конфискацияланган буюмдар төмөнкүнү түзгөн: 107,8 гр. алтындан зер буюмдар; 9303,53 гр. күмүштөн зер буюмдар жана анын күкүмү түрүндө; 1709,33 гр. асыл таш чийки заттары.

Отчеттук мезгил ичинде төмөнкү баалуу металлдарды алып чыгууга 23 эксперттик корутунду берилген (аффинаждалган, концентраттардын курамында): 19853,1 кг алтын жана 17052,2 кг күмүш, ошондой эле 18115,32 кг алтын жана 11153,33 кг күмүш алып чыгууга 41 мамлекеттик контролдук актылары берилген.

Департаменттин директорунун 27.04.2017-жылдагы буйругуна ылайык жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча Мамлекеттик фонддун баалуулуктары төмөнкүчө аныкталган: 13450,24 гр. алтын, 54853,9 гр. күмүш, 2148,2 гр. асыл таш чийки заттары жана 9,65 гр. осмий диоксиди.

Кыргыз Республикасында күкүм түрүндөгү тазаланбаган алтынды жана алтынды камтыган концентратты сатып алууга уруксат берүү тартиби жөнүндө убактылуу Жобого[15] ылайык, юридикалык жактарга күкүм түрүндөгү тазаланбаган алтынды жана алтынды камтыган концентратты сатып алууга 16 уруксаттама берилген.

2017-жылы ички рынокто 2404,7 кг аффинаждалган алтын жана 10,6 кг күмүш, тышкы рынокто - 19899,2 кг алтын жана 22817,5 кг күмүш сатылган.

Субъекттер тарабынан Департаментке сунушталган отчеттук маалыматтарга ылайык, мекемелердеги жана ишканалардагы жабдуулардын жана приборлордун, сыныктардын жана калдыктардын курамындагы баалуу металлдар 24,1 кг алтынды, 1449,2 кг күмүштү жана 19,9 кг платинаны, ошондой эле платина тобуна кирген металлдарды түзгөн.

Департаменттин өкүлү ведомстволор аралык комиссиянын курамына киргизилген, ал аффинаждалган баалуу металлдарды «Кыргызалтын» ААКсынын аффинаждоо заводуна (Кара-Балта шаары) жеткирүү үчүн алып чыгууда контролдукту жүзөгө ашырат. 2017-жылы 64 алып чыгуу жүргүзүлгөн.

Аудит жүргүзүлгөн мезгил ичинде юридикалык жактар жана жеке адамдардын өтүнүч каттары боюнча баалуу металлдардан жасалган зер (тиричилик) буюмдарын алып кирүү жана алып чыгууга мамлекеттик контролдоо жүргүзүлүп, баалуу металдардан жасалган зер (тиричилик) буюмдарын алып кирүү жана алып чыгууга 222 мамлекеттик контролдук актылар, анын ичинде алтынга 68 акт, күмүшкө - 154 акт берилген.

2017-жыл ичинде юридикалык жактардан жана жеке адамдардан 1423 жөнөтмө кабыл алынган, жалпы 10,3 млн сом суммасына 4,5 тн жалпы салмагындагы баалуу металлдардан жасалган 272,0 миң бирдик зер буюмдарына сапат белгиси коюлган жана чегилген.

2017-жылдагы отчеттук маалыматтарга ылайык, баалуу металлдардан жасалган зер буюмдар импорту 4,3 миң тн, анын ичинде алтындан – 0,2 миң тн, күмүш – 4,1 миң тн.ны түзгөн, алардын ичинен сапат белгисин коюуга жана чегүүгө 175,54 кг алтындан жасалган буюмдар жана 1978,4 кг

[15] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.12.2015-жылдагы №894 токтому менен бекитилген

күмүштөн жасалган буюмдар түшкөн, ал эми калгандары кемчилик табылгандыктан экспортер өлкөлөргө алынып чыккан же белги чегүүсүз Кыргыз Республикасынын рыногунда сатылууда.

Импорттоону 89 юридикалык жак жана жеке адам ишке ашырат.

Жергиликтүү өндүрүштүн зер буюмдарды чыгаруу көлөмү 2017-жылы алтындан - 158,86 кг, күмүштөн - 72,7 кг.ды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында зер (тиричилик) буюмдарын аппробациялоо мөөнөттөрү каралбагандыгын белгилеп кетүү зарыл, ушуга байланыштуу субъекттердин буюмдарды белгиленген мөөнөттө апробациялоого жана белги чегүүгө өткөрүү механизми жок.

2017-жылы чет өлкөдө өндүрүлгөн, апробацияланбаган буюмдар табылгандыгы белгиленген. Баалуу металлдарды жана асыл таштарды алып чыгууда/алып кирүүдө берилген мамлекеттик контролдук актыларын, ошондой эле бажы кызматынын маалыматтарын иликтөөнүн жүрүшүндө 6 жеке адамга жана бир ЖЧКга карата бажы контролдугу мамлекеттик контролдук актысы жок ишке ашырылгандыгы аныкталган.

Департаменттин маалыматына ылайык, 2017-жылы апробациялоону жүргүзүүсүз 606,44 гр. баалуу металлдар алынып чыккан. Апробациялоону жүргүзүүдө төлөмдөр болжолу менен 1190,2 миң сомду түзмөк (алтын боюнча 194,6 мин сом, күмүш боюнча 995,6 мин сом).

Мамлекеттик контролдук актыларына ылайык, 2017-жылдын акырында алынып кирген жалпы салмагы 28,22 кг (2187 бирдик) алтындан, 1433,53 кг (36310 бирдик) күмүштөн зер буюмдар 2018-жылга өтүүчү калдык болуп саналат, аларга белги чегилүүгө тийиш, ал жерде бюджетке түшүү 2,9 млн сомду түзөт.

Баалуу металлдар жана асыл таштар, алардан жасалган зер буюмдар, ошондой эле мындай буюмдардын сыныктары менен операцияларды (бүтүмдөрдү) ишке ашырган ишкердик субъекттеринин жалпы саны 877ни түзөт, алардын ичинен 288 – юридикалык жактар, 589 – жеке ишкерлер түзөт, мында зер буюмдарын жасаган субъекттердин саны - 37, сатып өткөрүү жана сатып алуу менен алектенгендердин саны – 442, ал эми башка ишкердик түрлөрүн жүргүзгөн субъекттердин саны – 398.

2017-жылы Департамент ишкердик субъекттерин план чегинде текшерүүгө 346 жазма буйрук алып, 281 текшерүү жүргүзүлгөн. 65 жазма буйруктун негизинде объективдүү себептер боюнча (жабуу жөнүндө өтүнүч, каза болгондугуна байланыштуу ж.б.) текшерүү жүргүзүлгөн эмес.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 277 (80% жогору) ишкердик субъекттеринде баалуу металлдар жана асыл таштар менен операциялар чөйрөсүн жөнгө салган мыйзам талаптарын бузуулар табылган. Алар боюнча салынган айыптык санкциялардын жалпы суммасы 1179,0 миң сомду түзгөн.

Маалыматтарды талдоо, ага ылайык дүкөндөрдү үстүртөн кароодо текшерүүдөн кийин сатылып жаткан зер буюмдардын саны текшерүү жүргүзүлгөн учурдан болжолу менен эки эсе көп экендигин көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ишкердик субъекттерин текшерүү жыл ичинде бир жолу жүргүзүлөт жана текшерүүгө чейинки 10 календардык күн мурда субъекттерге текшерүү жүргүзүлө

тургандыгы жөнүндө маалымдалат, бул болсо, белги чегилбеген жана сапаты төмөн буюмдарды жашырууга чара көрүүгө шарт түзөт.

Жылдан жылга кайталынып келген мындай бузууга жол берүүлөр жана алардын жогору денгээли колдонуудагы административдик чаралардын натыйжа бербей жаткандыгын тастыктайт. Белги чегилбеген зер буюмдарын сатуу үчүн 2 миңден 5 минге чейинки өлчөмдө административдик айып пул салуу, мындай бузууга жол берүүнү жоюуга өбөлгө түзбөйт.

**Корутунду**

Ушул аудит менен, Бюджеттик кодекстин айрым принциптеринин сакталбагандыгы белгиленген, атап айтканда:

***"Артыкчылыктуулук"*** тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан, Бюджеттик резолюцияда аныкталган төмөндөгү багыттардын аткарылбагандыгына байланыштуу:

- алардын ачыктыгынын сакталашы менен, мамлекеттик пенсиялык жана милдеттүү медицианлык камсыздандыруу жаатында бюджеттик саясатты оптималдоо эсебинен, социалдык кызматтарды көрсөтүү тутумун жакшыртуу бөлүгүндө социалдык чөйрө;
- билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүн каржылоодо, мамлекеттин, жеке сектордун жана кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын жоопкерчилик чөйрөсүн бөлүштүрүү;
- финансылык ресурстарды өз алдынча башкаруу жана орто/узак мөөнөттүү мезгилге регионалдык финансылык–экономикалык методологияны иштеп чыгуу укугун кеңейтүү;
- мамлекеттик карыздын абалын контролдоо жана мамлекеттик карызды башкаруу тутумун жакшыртуу;
- инвестициялык долбоорлордун ишке ашырылышынын натыйжалуулугун баалоону эске алуу менен, биринчи кезекте мурда башталган ички инвестициялык долбоорлорду аягына чыгарууга бюджеттик инвестицияларды багыттоо ордуна, 3902,6 млн. сомго 134 жаңы курулуш объекттерин киргизүү;
- "Центерра Голд Инк" алтын казуучу компаниянын мамлекеттик пакетинен 600,0 млн.сом чегинде болжолдонгон дивиденддердин бюджеттин кирешесине келип түшүүсүн камсыздоо.

***"Биримдик"*** төмөндөгүлөрдөн улам:

- мамлекеттик балански карата 7-тиркемеде 1,6 млрд.сомго баалуу кагаздарды чыгарууга карата чыгымдар боюнча милдеттемелердин көрсөтүлбөгөндүгү;
- объекттер Тизмесин жана "Капиталдык салымдар" бернесин ведомостволук классификациялоо боюнча такталган маалыматтардын 139,3 млн. сомго карата туура келбегендиги;
- мамлекеттик карыздын өлчөмү боюнча статистикалык маалыматтын 636,8 млн. сомго четтөөсү.

***"Толуктук"*** төмөндөгүлөрдөн улам:

- «Онкологиялык кызматты колдоо фонду» КФга келип түшкөн каражаттарды, техникалык жардамдын каражаттарын, КИКБ үчүн насыялык

тилкеден кайтарылган каражаттардын топтолушун, максаттуу мөөнөттүү банктык депозитти жайгаштыруудан пайыздарды, финансылык колдоо көрсөтүүгө жана социалдык жардам Президенттин фондунан бөлүнгөн каражаттарды эсепке алуу механизминин жоктугуна, мамлекеттик органдарга, алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана ведомстволук мекемелерге көрсөтүүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестрине (тизмесине) киргизилбеген бюджеттик мекемелердин атайын эсептеринин жабылбашына, байланыштуу, 1276,4 млн.сом бюджеттин кирешесинде көрсөтүлбөгөндүгү;

- жылдын аягында ЕКСтен сырткары турган каражаттардын 2232,8 млн.сом калдыгын чегербөө;

- республикалык бюджеттин ресурстук жана чыгымдар бөлүгүнө МИПтин тастыкталбаган каражаттарын киргизүү;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесине, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомуна каршы, атайын каражаттар боюнча эсептерге ыктыярдуу жана камкордук көрүү төгүмдөрүн, демөөрчүлүк жардамды чегербөө.

***"Айкындуулук***" төмөндөгүлөрдөн улам:

- 2017-жылга республикалык бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары жөнүндө отчётто Бюджеттик кодекстин 116-беренеси менен каралган маалыматтардын көрсөтүлбөгөндүгү;

- бюджетти аткаруу процессинде аларды андан ары кайрадан бөлүштүрүү үчүн, мүмкүнчүлүк түзгөн резерв булактарын (социалдык пакет, кризиске каршы чаралар) түзүү;

- башталган жана аягына чыгарылбаган объекттерди киргизбестен, бекитилген Жобонун талапатарын сактабастан (анын ичинен, долбоорлоо-сметалык документтери иштелип чыкпастан), жаңы объект терди киргизүүдө экономикалык жана социалдык максатка ылайыктуулугунун негиздери жок (аягына чыгарылбаган курулуштардын өсүүсүн, ошондой эле каржылоо булагы жок туруп, чыгымдардын көбөйүүсүн чыгарып салуу менен) туруп, курулуш объекттеринин Тизмесин түзүү ж.б.

***"Ырааттуулук"*** төмөндөгүлөрдөн улам:

- Евро биримдик менен милдеттенмелерди (грант "Секторду реформалоо боюнча контракт: Кыргыз Республикасындагы социалды коргоо"); АӨБ (грант "Билим берүү секторун колдоо"); Дүйнөлүк банк ("Өнүгүү саясатын колдоодогу операциялар ӨСКР") сапатсыз аткаруудан улам, 2188,2 млн.сомго программалык жардам жеткире түшпөгөндүгү;

- күрөөлүк камсыздоонун жоктугуна жана мүлк наркынын төмөн болгондугуна байланыштуу, активдерди сатуудан бардыгы болуп, 2613,1 млн.сомго мүмкүн болуучу жоготуу;

- БКБТнын толук эмес өтүнмөлөрүнүн натыйжасында, 2017-жылдын аягында жетиштүү каражаттар болуп туруп, корголгон беренелер боюнча 856,0 млн.сомго чыгымдардын аткарылбашына жол берүү;

- 131,0 млн.сом суммасындагы насыялык карыздардын пайда болушу менен, бийлик органдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан, “Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 3-пункту бузуу менен, коммуналдык чыгымдар боюнча чыгымдардын толук каржыланбашы;

- жергиликтүүү бюджеттердин кирешелик камсыздоолорунун деңгээлин аныктоо үчүн өлчөө бирдиктери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.04.2015-жылдагы № 230 токтомунда жоктугуна байланыштуу, 40 район жана 14 шаар боюнча квота көлөмүн 111,3 млн. сомго ашыруу;

- министрликтер/ведомстволордун максаттарына, милдеттерине, бюджеттик программалар боюнча каржылоо көлөмүнө жана программалардын жана чаралардын натыйжалуулук индикаторлорунун максаттуу маанилерине ылайык, программалык негизде 2017-2019-жылдарга көзөмөлдөнгөн министрликтер менен ведомстволордун бюджет долбоорлорун талдоо бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 20.05.2016-жылдагы №71-б “Программалык негизде 2017-2019-жылдарга бюджеттерди берүү боюнча” буйругунун жетишсиз сапатта аткарылышы. Конкреттүү программаларга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар менен алар боюнча натыйжаларга жетишүү ортосунда өз ара байланыштын жоктугу, бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоо жүргүзбөө;

- товардык-материалдык баалуулуктардын жана дебитордук карыздын 79,1 млн.сомго ченемден ашык калдыгынын болушу;

- Эксимбанктын 4 622,4 миң АКШ доллары жана 541,2 миң кытай юаны жана Германиялык «KFW» банкынын 355,0 миң евро насыялары боюнча “пайыздар” түрүндө өздөштүрүлбөгөндүгү үчүн, комиссия боюнча төлөө;

- энергетикалык компанияларды реструктуризациялоо, бюджеттин чыгымдар бөлүгүн тарттырууга алып келиши;

- Кыргыз Республикасынын 2015 жана 2016-жылдарга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун толук эмес аткарылышы.

**“2017-жылга республикалык бюджет жана 2018-2019-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын беренелеринин аткарылбашы:**

- БКБТнын толук эмес өтүнмөлөрүнүн натыйжасында, жетиштүү каражаттар болуп туруп, 856,0 млн.сомго чыгымдардын корголгон беренелерин жеткире каржылабоо;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан, коммуналдык кызматтар боюнча 131,0 млн.сомго насыялык карызга жол берүү.

**Жана башка бузуулар**

- зер буюмдарды апробациялоого жана белги чегүүгө берүү мөөнөтүнүн, ошондой эле субъекттер буюмдарды белгиленген мөөнөттө апробациялоого жана белги чегүүгө берүүнү аргасыз кылган механизмдердин мыйзамда жоктугу;
- мамлекеттик контролдоо актысы жок туруп, бажылык контролдоону жүргүзүү;
- 10 календардык күндүн ичинде аны өткөрүү жөнүндө маалымдоо менен, жылына бир жолу субъекттерди текшерүүнү жүргүзүүгө байланыштуу, сапатсыз жана белги чегилбеген буюмдарды жашыруу мүмкүнчүлүгүнүн мыйзамда болушу;
- баалуу металлдар жана баалуу таштар менен операциялар чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзамды бузган субъекттерге карата колдонулган административдик чаралардын жараксыздыгы;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары-дармек менен камсыздоо жана техникалык жардам департаментин республикалык бюджеттен каржылоого өткөрүү жөнүндө маселе, Бюджеттик кодекстин 6-беренесинин 5-пунктчасын каршы чечилбеши;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесин, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомун бузуу менен, коммерциялык банктарда ачылган алыш-бериш эсептерине ыктыярдуу жана камкордук көрүү төгүмдөрүн, демөөрчүлүк жардамды мамлекеттик жана муниципалдык органдар тарабынан чегерүү;
- Сот департаменти боюнча чегерилбеген сумманын 1848,7 миң сом калдыгынын болушу;
- 2017-жылдын аягында жергиликтүүү бюджеттердин каражаттарынын 2029,9 млн. сом эркин калдыгынын болушу.
- программалык негизде бюджетти түзүү боюнча көп жылдык практикага карабастан, республикалык бюджетти түзүү жана бекитүү процесси, мурунку жылдардагы базалык көрсөткүчтөрдүн негизинде эсептелген контролдук цифраларга ылайык ишке ашыруу улантылууда. Конкреттүү программаларга бөлүнгөн бюджеттик каражаттар менен алар боюнча натыйжаларга жетишүү ортосунда өз ара байланыш жок, жетишилген натыйжалар көзөмөлдөнбөйт жана бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоо жүргүзүлбөйт, бул болсо, бюджеттик каражаттарды башкаруу сапатына таасирин тийгизет.

**Сунуштар**

1. Кыргыз Республикасынын 2015 жана 2016-жылдарга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун толук аткарылышы камсыздалсын.

2. Төмөндөгү зарылчылдыктарга өзгөчө көңүл бурулсун:

- кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча тобокелдиктерди баалоону жүргүзүү;

- бардык керектүү мамлекеттик стандарттарга жооп берген, мамлекеттик карызды контролдоону жана эсепке алуунун бирдиктүүү базасын жүргүзүү үчүн, жаңы программалык камсыздоону орнотуу;

- отчеттуулук формаларын (бир айлык, кварталдык, жылдык ж.б.) бекитүү жана өлкөнүн мамлекеттик карызынын жүгүртүлүшүн жана эсепке алуунун жүргүзүү боюнча ички ченемдик документтерди (нускамалар, жоболор, колдонмолор ж.б.) иштеп чыгуу;

- чегерүү ченемдерин оптималдоо жагына, республикалык бюджет менен жергиликтүү бюджеттер ортосундагы бюджеттик мамилени жөнгө салууну жакшыртуу.

3. Төмөндөгүлөргө жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчилиги каралсын:

- КР Бюджеттик кодексинин принциптеринин (“Артыкчылыктуулук”, “Биримдик”, “Толуктук”, “Айкындуулук”, “Ырааттуулук”) сакталбагандыгына;

- “2017-жылга республикалык бюджет жана 2018-2019-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын айрым беренелеринин бузулгандыгына;

- мамлекеттик карыздын өлчөмү боюнча статистикалык маалыматтын 636,8 млн. сомго бурмаланышына;

1994-жылдан тартып, 19 насыя боюнча 66 810,0 миң немец маркасында жана 97,5 млн. евродо Германиялык «KFW» банкы менен; 19 250,0 миң АКШ доллары жана 17,9 млн. ислам динарына Ислам өнүгүү банкы менен, 290,0 млн АКШ долларына Евроазия өнүгүү банкы менен карыз милдеттемелерин Эсепке алуу китебинде өз учурунда каттоо жүргүзүлбөгөндүгүнө;

- “пайыздар” түрүндө 4,6 млн. АКШ доллары жана 0,5 млн. кытай юаны, 0,3 млн. евро суммаларында Эксимбанк жана KFWв насыялары боюнча “өздөштүрүлбөгөндүгү үчүн комиссия” төлөмүн көрсөтүү жолу менен, мамлекеттик карыздын статистикасын бурмалоого;

- «Мал чарбачылыгын жана рынокту өнүктүрүү -1» (6,8 млн. СПЗ, грант), «Аялдардын ишкердигин өнүктүрүү» (1,5 млн. АКШ доллары, грант) милдеттүү шарттар сыяктуулар жок туруп, коммерциялык банктарда эсептерди ачууга аткаруу агенттиктерине уруксаттарды берүүгө;

- республикалык бюджетке акча каражаттарынын агымын эсепке албаган, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучулардын эсебине, донорлор тарабынан түз төлөө шарты менен, 15 насыялык макулдашууну түзүүгө.

4. республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жыл сайынкы отчеттордо төмөндөгүлөрдү көрсөтүү камсыздалсын:

- Бюджеттик кодекстин 116-беренси менен каралган маалыматтар;

- мамлекеттик балансстагы кепилдик милдеттенмелерди төлөө боюнча операциялар, баалуу кагаздарды (дисконтту) чыгарууга карата чыгымдар боюнча милдеттемелерди.

5. Бюджеттин кирешелер бөлүгүндө көрсөтүү боюнча кечктирилгичс чаралар көрүлсүн:

- бекитилген методика боюнча толугу менен бардык техникалык жардамдар (2035,0 миң АКШ доллары);

- КИКБ насыялык тилкеси боюнча топтолгон кайтарылган суммалар (4,7 млн.евро);

- ЕКСтен сырткары ачылган бюджеттен тышкаркы фонддордун бардык эсептерин Казыналыктын тутумуна которуу;

2017-жылдын аягындагы пайдаланылбаган каражаттардын 2232,8 млн.сом суммасындагы бардык каражаттарын, ошондой эле мамлекеттик органдардын коммерциялык банктардагы депозиттик эсептеринде турган каражаттарды ЕКСке чегерүү;

- атайын эсептерге келип түшкөндөрдү инвентаризациялоо жана мамлекеттик органдарга, алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана ведомстволук мекемелерге көрсөтүүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестрине (тизмесине) киргизилбеген кызмат көрсөтүүлөр боюнча бюджеттик мекемелердин атайын эсептерин жабуу;

- капиталдык салымдардын ар бир объектисине пландуу чыгымдардын негизделген эсептөөлөрдүн негизинде 2,9%га чейин мамлекеттик бюджеттин каражаттарын пайдалануу менен, Кыргыз Республикасынын аймагында курулушту жүзөгө ашырган куруучу-буйрутмачылардын кызматын күтүүгө сарптоолор ченемин каржылоо;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесине, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесине ылайык, атайын каражаттар боюнча эсептерге ыктыярдуу жана камкордук көрүү төгүмдөрүн, демөөрчүлүк жардамды чегерүү;

- бюджеттик каражаттар боюнча мөөнөтү өткөн карызды мажбурдап өндүрүү, ошондой эле материалдарды өз убагында камсыздоону камсыз кылуу; күрөөгө коюлган мүлккө өндүрүү жолу менен, сот актыларынын аткаруу тартибин жана ыкмасын өзгөртүү, карызкордун башка мүлкүн аныктоо жана карызды өндүрүү үчүн сот органдарына жөнөтүү;

- мамлекеттик карызды финансылык эсепке алуу функциясын жана аны эсепке алууну тиешелүү окууну жүргүзүү менен, аны тейлөөнү жайылтуу;

- жеңилдетилген мезгилди пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу үчүн, насыялык макулдашууларды тездетип ратификациялоо, ошондой эле биринчи транш келип түшкөн датадан тартып, жеңилдетилген мезгилди эсептөө датасын түзүлгөн келишимдерде кароо;

- түзүлгөн насыялык макулдашуулар боюнча "Жана башка төлөмдөр" категориясынын чыгымдарын киргизүү боюнча, Бюджеттик классификацияга толуктоолорду киргизүү;

- 2017-жылга МИП боюнча акча каражаттарынын жүгүртүлүшү боюнча тастыктоолорду аткаруу агенттиктеринен талап кылуу;

- турак жайды жалдоо жана тамак-аш паегун алмаштыруу компенсациялары, командировкалык чыгымдар, отчет берүүчү суммалар боюнча накталай эмес эсептешүүлөргө өткөрүү.

6. Төмөндөгүлөр камсыздалсын:

- зайымдарды берүүчү жана алуучу насыя берүүчүлөр менен карыз алуучуларды, аны берүү жана төлөө шарттарын, ошондой эле карыз алуучу менен насыя берүүчүнүн ортосунда түзүлгөн тиешелүү макулдашууларды көрсөтүү жана карыз туруктуулугунун эл аралык көрсөткүчтөрүн эске алуу менен, карата мамлекеттик карыздын тиешелүү жылга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамында кароо бөлүгүндө, Бюджеттик кодекстин 59 жана 64-беренелеринин ченемдери;

- насыялык макулдашуулардын түп нускаларынын көчүрмөлөрүнүн негизинде, мамлекеттик кепилдерди жана бардык зайымдык (насыялык) макулдашууларды каттоо жана Эсепке алуу китебине жазып каттоо;

- каражаттардын калдыктары боюнча алар менен ай сайын салыштырууну жүргүзүүнү камтуу менен, коммерциялык банктарда ачылган долбоордук эсептер боюнча акча каражаттарынын жүгүртүлүшүн котролдоо жана так эсепке алуу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2017-жылдагы №855 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик керектөө үчүн курулуштардын жана объекттердин тизмесин түзүү жана аларды республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылоо жөнүндө” Жобо;

- чыгымдар беренелери боюнча сметалардын долбоорлоруна карата эсептөөлөрдүн жана негиздөөлөрдүн толуктугун жана саптын, ошондой эле алардын бюджеттик мыйзамга ылайык келишин контролдоо.

7. Төмөндөгүлөр турукту ужүргүзүлсүн:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясынын аткарылышына мониторинг жана анын максаттуу көрсөткүчтөргө жетишине баалоо жүргүзүү;

- ички жана тышкы өздөштүрүүлөрдүн чектелген денгээли боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана мамлекеттик карыздын туруктуулугун талдоо жана анын жыйынтыктарын коомчулукка жеткирүү;

- комиссия төлөө менен байланышкан, кошумча чыгымдарга жол бергендиги үчүн, жоопкерчиликти тиешелүү түрдө күчөтүү менен, аткаруучу агенттиктер тарабынан каражаттардын өз учурунда өздөштүрүлүшү боюнча мониторинг жүргүзүү.

8. Мурда берилген насыялар боюнча суммаларды жа пайыздарды төлөө боюнча алар милдеттемелерин аткарган шартта, чарба жүргүзүүчү субъекттерге зайым каражаттарын берүү.

9. Максималдуу экономикалык пайда алуу принцибин колдонуу, өтүмдүүлүк деңгээлин эске алуу менен, бюджеттик насыяларды андан ары берүү жүзөгө ашырылсын.

10. Төмөндөгүлөр бюджетке калыбына келтирилсин (каржылоодо эсепке алынсын):

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө"Нускамага ылайык, 01.01.2018-жылга карата жалпы 78,3 млн.сом суммасындагы, алыш-бериш эсептериндеги каражаттардын калдыктары жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору (отчетко карата тиркемени караңыз).

- Сот департаменти боюнча атайын эсептин чегерилбеген суммасынын 1848,7 миң сом калдыгы.

11. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунушталсын:

11.1. республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө жыл сайынкы отчетту даярдоодо, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги төмөндөгү зарылчылыктарга көңүл бурсун:

-Бюджеттик кодекстин 116-беренсинде каралган маалыматтардын ачыктыгына;

- мамлекеттик балансттагы кепилдик милдеттенмелерди төлөө боюнча операциялар, баалуу кагаздарды (дисконтту) чыгарууга карата чыгымдар боюнча милдеттемелерди көрсөтүү менен, мамлекеттик балансты түзүү;

- бекитилген методика боюнча толугу менен бардык техникалык жардамдарды бюджеттин киреше бөлүгүндө көрсөтүү;

- ЕКСтен сырткары ачылган бюджеттен тышкаркы фонддордун бардык эсептерин Казыналыктын тутумуна которуу;

- жыл аягында пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын бардык калдыктарын ЕКСке чегерүү;

- мамлекеттик органдарга, алардын түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана ведомстволук мекемелерге көрсөтүүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестрине (тизмесине) киргизилбеген кызмат көрсөтүүлөр боюнча бюджеттик мекемелердин атайын эсептерин жабуу.

11.2. Төмөндөгүлөр боюнча чаралар көрүлсүн:

-мамлекеттик башкаруу секторунун бюджетин түзүү боюнча ыйгарым укуктуу органды аныктоо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы №604 "Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүүнү уюштуруу маселелери жөнүндө" токтомуна ылайык, бюджеттин кирешесин максималдуу мобилизациялоо;

- жергиликтүү бюджеттердеги жылдын аягына пайдаланылбай калган каражаттардын калдыктарын кыскартууну камсыз кылган, бюджет аралык мамилелерди оптималдоо;

- мамлекеттик карыздын ишенимдүү жана туура эсепке алышын, ошондой эле анын натыйжалуу тейленишин жүргүзүү;

- мамлекеттик инвестицияларга мониторинг жана талдоо жүргүзүү тутумун жайылтуу;

- эл аралык финансылык институттар менен мамлекеттик программаларды аткарууда, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу;

- биримдик жана ырааттуулук бюджеттик принциптерин сактоо менен, мамлекеттик кызматчылардын эмгек акыларын келтирүү;

- өздөштүрүлбөгөндүгү үчүн комиссия төлөө менен байланышкан, кошумча чыгымдарга жол бергендиги үчүн, жоопкерчиликти тиешелүү түрдө күчөтүү менен, аткаруу агенттиктери тарабынан каражаттардын өз убагында өздөштүрүлүшүнө мониторинг жүргүзүүнү жайылтуу;

- мамлекеттик карызды тейлөө боюнча кошумча чыгымдарга алып келген, насыялар, ссудалар жана зайымдар боюнча карыздарды реструктуризациялоону алып таштоо;

- күрөөлүк камсыздоо жок туруп, бюджеттик насыяларды берүүгө мораторий киргизүү;

- баалу металлдар менен операциялар чөйрөсүндө бузууларга карата жоопкерчилик чараларын күчөтүү бөлүгүндө, ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу, анын ичинен:

- каражаттарды Япония Өкмөтүнүн топтолмо эсебине кайтаруу.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин Катчылыгына – отчёт;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө – бекитилген отчёттор жана сунуштамалар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-беренесине ылайык, алардын күнөөсү менен, мамлекеттик карызды эсепке алуу жана тейлөө боюнча бузууларга жол берилгендиги үчүн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жооптуу кызматкерлерин ээлеген кызматынан бошотуу боюнча сунуш;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине – отчёт, жазма буйрук жана сунуштама жөнөтүлсүн.